

# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ

1

Кырг
Д-87

2018

# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ 1



## Чыгыш мусульман элдеринин жомоктору

КУТААЛАМ

ЦЛБ

УДК 82/821-93
ББК 84.4/8
Д 87

Д 87 **Дүйнө элдеринин жомоктор:** Түз.: Сагынбекова Г. Исаева А.; котор.: Жусупова Н.; Сүр.: Жоробаева А., Жайчыбеков Б.– Б.: ЖЧК «Кутаалам», 2017 – 128 б. сүр.

ISBN 978–9967–28–120–2

***Китепке Чыгыш мусульман элдеринин эң мыкты турмуштук жомоктору кирди.***

Д 4804000000-16

УДК 82/821-93
ББК 84.4/8

ISBN 978–9967–28–120–2

© ЖЧК «Кутаалам», 2017

# АРАМЗА ХАББЕ ЖӨНҮНДӨ НАСЫЯТ АҢГЕМЕ

*Араб жомогу*

Эки киши, бирөөсүнүн аты Хабба, экинчиси – Мугаффаль аталгандар биргелешип соода ишин ачмак болушуптур деп айтышат. Бир жолу алар шаардан сырт жактагы жолдон ичинде миң динары бар капчык таап алышат. Алар ошол замат шаарга кайтууну чечишет, шаар дубалдарына жакындаганда, акчаны бөлө баштboard.

– Бул алтындын жарымын өзүңө ал, ал эми экинчи жарымын мага бер, – дейт Мугаффаль Хаббеге. Бирок Хабба бүт акчаны озү алууну чечти.

– Бөлбөйбүз, – деп жооп берди ал Мугаффалга, – азыр ар кимибиз кичине чыгашабызга бир аздан алалы, а калганын болсо бактын алдына көмүп коёлу. Бул жер коркунучсуз; бизге качан акча керек болгондо, биз бул жакка келебиз да, канча керек болсо, ошончо алабыз. Алар бир аз акча алышты да, калганын бактын түбүнө катып коюшту, өздөрү шаарга жонөштү. Бир аз убакыт өткөрүп Хабба бакка жалгыз келди да, көмүлгөн динардын баарын алып, үйүнө кетип калды. Бир ай өткөндө Хабба Мугаффалга келди.

– Жүрү, чыгымдаганга бир аз акча алалы, – деди ал. Алар бакка жонөштү, жерди каза башташты, бирок эч нерсе табышкан жок. Хабба Мугаффалды сакалынан тарткылап, уруша баштады, муштуму менен койгулады.

– Сен алдың акчаны! Сенден башка, бул жерди эч ким билчү эмес! – деп кыйкырып жатты ал. Ал эми жинденген Мугаффаль өз кезегинде  белгисиз ууруну каргай баштады. Андан кийин алар сотко келишти да, өздөрүнүн окуясын айтып беришти.

– Сен өзүңдүн коюп жаткан күнөөңдү далилдей аласыңбы? – деп сурады сот Хаббадан.



– Ооба, – деп жооп берди Хабба. – Динарлар көмүлүп коюлган бак өзү тактап берет, акчаны Мугаффаль алганын. Иш болсо мындай болчу, Хабба өз атасына бактын коңдөйүнө кирип жашынып, керек болгон учурда бактын ордуна жооп бергин деп буйруганында эле.

– Кел биз менен бакка бар, – дейт Хабба сотко. Анан ошо болду – сот, Хабба жана Мугаффаль – бакка жөнөштү. Сот суроо берди, а абышка болсо жооп кылды:

– Ооба, динарларды Мугаффаль алды. Бул жоопту угуп, сот абдан таң калды. Ал бакты айланып оттү да, көңдөйүнөн чыгып калган кийимдин учун корүп калды. Ал ошондо бакты орттөгөнгө буйрук берди. Өло турганын сезип калып, Хаббанын атасы өзүн билдирип койду да, жардам сурап жалынды. Сот аны суракка алды, абышка болсо баары кандай болгонун айтып берди. Сот Хаббадан динарларды тартып алды да, аларды Мугаффалга берди, Хаббаны болсо жазалады.

# АКЫЛДУУ ДАРЫГЕР ЖӨНҮНДӨ НАСЫЯТ АҢГЕМЕ

*Араб жомогу*

Иран шахтарынын бири толук жана оор эле, бул анын ден соолугуна зыян эле, айтышкандай. Ал бардык дарыгерлерди чогултту жана алардан аны айыктыргыла деп талап кылды. Бирок алар эмне гана кылышпасын, шах семире берди. Анан бир жолу ага бир акылдуу дарыгер келди.

– Мен сени айыктырам, о шахым, – деди ал. – Бирок мага үч күн мөөнөт бер, кандай дары тандоо керектигин ойлонгонго. Үч күн өткөндөн кийин, дарыгер айтты:

– О шахым! Мен сенин тагдырыңды изилдедим да, сага болгону кырк күн жашооң калганын билдим. Эгерде мага ишенбесең, мени зынданга сал, өч ал менден. Шах дарыгерди түрмөгө отургузууга буйруду, өзү болсо, жакын калган өлүмү тууралуу капалуу ойлорго курчалып, көңүл ачуудан жана ат минип чыгуудан баш тартты. Аны ойлонуу менен кайгылуу кам көрүү ээлеп алды. Шах элден кача баштады. Күн санап анын санаасы көбөйө берди да, ал арыктай баштады. Кырк күн откөндөн кийин, ал түрмөдөн дарыгерди алып келүүнү буйруду да, андан сурады, эмнеге ал, шах, дагы эле тирүү.

– О шахым! – деп жооп кылды дарыгер. – Сени арыктатыш үчүн мен амал кылдым. Башка сен үчүн пайдалуу дары тапканым жок. Анан шах аны абдан марттык менен сыйлады.





# БЕДУИНДИН КӨРӨГӨЧТҮГҮ

*Араб жомогу*

Бир араб чөлдө өзүнүн жолдошун төөсү менен жоготуп алды. Күнү бою аны издеп, тапкан жок, а кечинде болсо бедуинди жолуктурду. Араб кубанып кетти да, өзүнүн жоголгон теңтушу жана анын төөсү тууралуу сураштыра баштады.

– Теңтушуң толук жана аксак беле? – деп сурады бедуин.

– Ооба. Ал кайда? – кыйкырып жиберди араб.

– Мен билбейм, анын кайда экенин. Бирок, айтчы мага, анын колунда таягы бар беле? Төөсү боло бир көздүү жана ал курма алып баратты беле?

Адам андан дагы кубанды да, шашып кыйкырып жиберди:

– Ооба, ооба! Бул менин теңтушум минген анын төөсү. Бирок мен абдан чарчап калдым. Аларды мындай ысыкта кантип издеймин?! Сен аларды качан көрдүң эле? Алар кайда кетишти?

Бедуин жооп кылды:

– Мен аларды көргөн жокмун жана деги эле кечээги күндөн бери сенден башка, эч кимди жолуктура элекмин.

– Сен эмне, мени шылдың кылып жатасыңбы?! – деп каарданып аны токтотту араб. – Сен мени кантип алдагың келет, азыр эле мага толугу менен жолдошумду жана анын төөсүн сүрөттөп бердиң го?

– Ооба, мен аны көргөн жокмун, – деп жайбаракат жооп берди бедуин. – Бирок баары бир мен билемин, ал ушул пальманын түбүндө көпкө эс алганын, андан кийин Сирияны карап жолго чыгып кеткенин. Анын баары үч саат мурун болуптур.

– Сен мунун баарын кайдан билесиң, эгерде сен аны көрбөгөн болсоң?! – деп кыйкырды араб.

– Мен аны көргөн жокмун, – деп жооп берди бедуин. – Бирок ал тууралуу мен анын издеринен билдим.

Ал арабды колдон алды да, аны кумдагы издерге алып барды жана айтты:

– Бул издерди карачы. Бул – адамдын бутунун издери, бул – төөнүн туягынын издери, а бул болсо – таяктын изи. Адамдын изине карачы. Көрдүңбү, сол буттун изи, оң буттукуна караганда терең жана чоңураакпы? Бул, ушул жерден өткөн киши – аксак экени тууралуу айтып турган жокпу? Эми менин изим менен аныкын салыштырчы – ал меникине караганда тереңирээк издерди калтырыптыр. Бул анын менден семизирээк экендиги тууралуу билдирбейби?

Араб таң калды да, айтты:

– Мунун баары жакшы. Бирок айтчы, төөнүн бир эле көзү бар экенин кантип билдиң? Анткени ал көзү менен кумга тийген эмес да.

– Бул туура, – деп күлдү бедуин. – Анын көзү жерге тийген эмес. Бирок баары бир ал мында изин калтырып кеткен. Сен көрбөй турасыңбы, төө чөптү оң жагынан гана оттогонун? А эмне, бул төөнүн бир көзү бар экени, ошондуктан ал жолдун бир тарабын гана көрөөрүн айтып жаткан жокпу?

Араб андан дагы таңданды да, сурады:

– Курмалар эмне из калтырышты?

Бедуин алдыга жыйырма кадам аттады да, айтты:

– Бул жерге чогулган кумурскаларга карачы. Сен көрбөй турасыңбы, аларды курма кызыктырып бул жакка алып келгенин?

Араб көпкө унчуккан жок да, акыры андан нары сурады:

– Убакыттычы? Сен кантип аныктадың убакытты?

Бедуин пальмага көрсөттү да, айтты:



– Бул жакты кара. Сен көрбөй турасыңбы, сенин досуң бул жерде өзүнүн төөсү менен эс алганын?

– Бирок сен кантип билдиң, мунун үч саат мурун болгонун?

Бедуин кайрадан күлдү да, түшүндүрдү:

– Пальмадан түшкөн көлөкөнү карачы. Сен ойлобойсуң да, адам салкындан баш тартып, күн тийген жерге отурат деп? Албетте, сенин теңтушуң көлөкөдө эс алган. Мен көчмөн кишимин жана көлөкө эс алып өргүгөн жерден азыр турган жерине чейин жылганга үч саатка жакын убакыт керек экенин билемин.

# ӨЖӨР

*Иран жомогу*

Болгонбу же болгон эмеспи, бирок айтышат, мурунку замандарда күйөөсү менен аялы жашаптыр. Аялы эмгекчил, тартиптүү болгон экен, ал эми күйөөсү жалкоо жана бекерпоз экен. Анын жалкоолугунан улам алар дайыма уруша турушкан. Акырында аялы чыдабай кетти да, күйөөсүнө айтты:

– Укчу, күйөөм, бул жарабайт. Эмнеге сен таң эртеңтен караңгы кечке чейин бөлмөдө отурасың, эч нерсе жасабайсың, эч качан көчөгө чыкпайсың да, таза аба менен дем албайсың?

– Менин көчөдө кылаар жумушум жок эч, – деп жооп берет күйөөсү. – Атам мурас калтырган да? Букалар, уйлар, койлор. Койчулар мага сүт, жүн жана акча алып келип беришет, жана биз сен экөөбүз жакыр деле эмес жашайбыз. Ал эми үй иштеринин баарын – тамак бышырууну, кир жууну, кийим тигүүнү, жүн ийрүүнү – сен аткарышың керек.

– А эмне, акырда байланып турган торпокту дагы мен сугарышым керекпи? – деп сурады аялы. – Экинчи мен муну жасабаймын, кааласаң, аны өзүң сугара бергин!

– Мен сени эмнеге үйүмө алып келдим?

– Сен мени үй ичиндеги оокаттын баарын кылсын, сени карасын деп алып келгенсиң, мени торпокту дагы сугарсын деп алган эмессиң.

– Жок, мен сени бул жакка, мен буйруган нерсенин баарын жасаганга, жана, мен сени чакыраарым менен дароо ушул жерде болуп калыш үчүн алып келгенмин. Мен сага чатырдан секирип кет деп буйрусам дагы, сен бай ийишиң керек; анткени элде: «Күйөөсү – аялы үчүн кийинекей кудай» деген бекеринен айтылбаган кеп бар да. Күйөөсү буйруган нерсенин баарын, аялы чын дити менен жасашы керек.



– Жок, эч качан андай болбойт! – деп жооп кылды аялы. Ошентип алар торпоктун айынан урушуп кетишти да, акырында бүгүн аялы акыркы жолу торпокту сугара тургандыгын, бирок эртеси күндөн тартып, ким биринчи сүйлоп жибере турган болсо, ошонусу сугармак болуп чечишти. Кийинки күнү аялы эрте ойгонду, төшөктү жыйнады, короону шыпырды, эртең мененки тамакты жасады, бирок бир да сөз чыгарган жок. Күйөөсү дагы турду. Аялы баарын жасап койгонун көрүп, тамактанды, бирок ал дагы эч нерсе айткан жок. Аялы күйөөсү менен үйдө калса, аргасыздан бир нерсе айтып ийгенден коркуп, чүмбөтүн жамынып, кошунасына кетти, бирок эшикти жапкан жок. Аялын калтыра туралы да, күйөөсүнө кайталы. Аялы кеткенден кийин күйөөсү үйдүн босогосуна отуруп алды. Ушул маалда кайырчы келип, бир тилим нан же тыйын сурады.  Бирок канча сурабасын – жооп болгон жок. Кайырчы кудайдын аты менен кайра эле садага сурай баштады. Кожоюн тирүү экенин, дени соо экенин, ага карап жатканын көрдү, бирок эмнегедир жооп бербейт. Ошондой кайырчы үйдүн кожоюну дүлөй экен деп чечти. А тигил болсо ичинен күбүрөндү:

– Муну аялым атайын жасады, мени сүйлөтүп коюш үчүн; а сүйлөп койсом – ал келет да, айтат: «Батыраак барып торпокту сугаргын!». Жер көтөрүлүп кетсе дагы, ал эми жерге асман кулап түшсө дагы, бир да сөз айтпайм! Кожоюндан жооп ала албай, кайырчы үйгө кирди, мүшөгүн жерге койду да, бардык тапкан нан менен сырды чогултту, аларды мүшөгүнө салып алып, андан ары жөнөдү. Күйөөсү мунун баарын көрдү, бирок бир да сөз айткан жок: торпокту сугарып калбайын деп коркту. Кайырчы кетти. Бир аздан кийин чачтарач келди. Ал үйдүн жанында киши отурганын көрүп, сурады:

– Каалайсыңбы, мен сенин башың менен сакалың-

ды кырып берем? Күйөөсү эч жооп айткан жок. Чачтарач ойлоду: «Эгер ал каалабай турган болсо, ал бир нерсе айтмак; демек, ал каалап жатат». Ал жакын келди да, күйөөсүнүн бетине күзгү алып келип, айтты:

– Сенин сакалыңды кырып, тармалдатып берейинби? Күйөөсү кайра эле жооп кылбайт. Чачтарач устарасын курчутту да, күйөөсүнүн сакалын таптаза кырып, бетин алакан сыяктуу жылаңач калтырды; андан кийин ал чачын тармалдатып болуп, колун сунуп, акысын сурады. Күйөөсү мында да эч нерсе айткан жок. Чачтарач акысын дагы, кайра дагы сурады, бирок жооп катары эч нерсе уккан жок. Ошондо ал айтты:

– Дүлөй болумуш болбочу. Менин эмгегим үчүн тиешелүү акысын бергин. Күйөөсү кайра эле эч унчукпайт. Чачтарач анын чөнтөгүнө колун салды, ал жактан акча алды да, үйүнө кетип калды. Ал үйдөн чыгып үлгүрө электе, сүйкөнгүчтөрдү саткан аял келип калды. Таза кырылып коюлган эркекти көрүп, ал бетин кызыл кылып, капталдарын агартып койду да кетип калды. Ошол кезде үйдүн жанынан ууру өтүп бара жаткан. Ал көрдү: босогодо эркек көйнөкчөн бетин агартып, эндик менен кызартып койгон аял олтурат. Ууру жакын келди да, сурады:

– Урматтуу ханум (айым), сен эмне эшикти аңырайтып ачып койдуң дагы, чүмбөтсүз отурасың? Эмнеге чачыңды кыркып салышты? Күйөөсү эч нерсе деп жооп берген жок. Ууру жакыныраак келди да, көрдү: бул аял эмес, аны кимдир-бирөө тамашалап койгон эркек экенин. Ууру аны эки жолу башка чапты.

– Жоголуп кетсең экен! Эмне эч нерсе жооп кылбайсың? Күйөөсү болсо дагы ойлоду: «Мен билем, силерди бул жакка мени сүйлөтүш жана торпокту эртеңки күндөн тартып сугартыш үчүн аялым жөнөттү. Мен болсо алдап коё тургандардан эмесмин!». Анын сөздө-



ЦЛБ | 17866



рүнө жана чапканына жооп кылбаганын көрүп, ууру үйгө кирди да, баарын аңтарып-теңтерип чыкты, баалуу жана жеңил нерсенин баарын алды, аларды мүшөгүнө салды, жонуна арта салды дагы, кетип калды. Эми торпок тууралуу уккула. Бактысыз торпок акыр жанында суусагандан өлүп кала жаздады. Ал мүйүздөрү менен эшикти ачты дагы, короонун ортосуна чуркап чыгып, мөөрөй баштады. Күйөөсү ойлоду: «Бул амалдуу аял торпокту дагы мөөрө деп, мени бир нерсе айттырыш үчүн мажбурлаткан жатат. Мен эч кимге эч нерсе айта элек болгондон кийин, торпокко дагы эч нерсе айтпаймын». Ушул маалда үйүнө аялы кайтып келди да, торпокту короонун ортосунан көрдү. Торпок аны көздөй жулунду да, ичкенге сурай баштады. Анан ошондо аялы күйөөсүн байкады. Бирок ал аны дароо тааныган жок дагы, күйөөсү экинчи аял алып келген экен деп ойлоду. Жакын келип, сурады:

– Эй, аял, эмне кылып жатасың бул жерде? Ошондо күйөөсү кубанып кетти да, кыйкырып кирди:

– Утулдуң! Утулдуң! Эми батыраак жөнө торпокту сугарганга! Аялы алдында турган сакалы кырылган, бети агартып, эндик сыйпалган киши – анын күйөөсү экенин түшүнгөндө , абдан таң калды да, сурады:

– Өлүп гана кеткир! Сен эмне кылып алгансың?! Ким сени боёп салды? Сакалыңды ким кыркты? Ал аны башка эки чапты, торпокту сугарып, үйгө кирди да, бардык сандыктар ачылып, ичи тоноолгонун көрдү. Ошондо гана түшүндү, үйгө уурулар кирип, алардын бар байлыгын уурдап кеткенин.

– Сен эмне өлүп калдыңбы, же уктап кеттиңби?! Эмне үнүңдү чыгарып коё алган эмессиң? – деп жулунду ал күйөөсүнө.

– Мен өлгөн да, уктаган дагы жокмун, – деп жооп кылды күйөөсү, – бирок мен билгем, аларды сен мага

жибергенинди, алар келип, мени аргасыздан сүйлөтүшмөк. Анда айла жоктон мен торпокту сугармакмын.

– Өлүп гана кеткир десе! – деп кыйкырды аялы. – Бар байлыгыңды жана ар-намысыңды өжөрлүктүн айынан жоготтуң, эми торпокту сугарбай калдым деп сүйүнүп жатасың! Айткын, ууру көп мурун кетти беле, ал каякка жол тартты?

– Ал жарым саатка чукул мурун кеткен, кайсы тарапка кеткенин – мен байкабай калдым. Аялы ууруну кубалап жеткени жөнөдү. Торпок – анын артынан кетти. Көчөдө ал ойноп жаткан балдардан сурады:

– Силер көргөн жоксуңарбы, аркасында түйүнчөгү бар, бул үйдөн чыккан киши каякка кеткенин?

– Кантип көргөн жокпуз? Көрдүк! Ал шаардан чыгып кетти. Аял торпокту жибинен кармады да, шаардан чыгып кетти. Бир аз өткөндө, ал алдынан сүрөттөөлөрү боюнча алардын үйүн тоноп кеткен ууруга окшош киши баратканын байкады. Ал ылдамдай басып, аны кууп жетип, жада калса бир аз алдыга озуп дагы кетти. Анын жанына торпогу бар кандайдыр бир аял өтүп кеткенин көрүп, ууру аны чакырды:

– Урматтуу, карындаш, каякка бара жатасың?

– Мен жолоочумун, өз шаарыма шашып бара жатамын.

– А эмне анча шашасың?

– Анткени мен жалгызмын жана түнкүсүн чөлдө жалгыз калбоо үчүн жарыкта кербен-сарайга жетип алганга шашып жатамын. Эгерде мени коргоочум болсо, мен жайыраак басмакмын жана өзүмдү да, торпогумду да кыйнамак эмесмин.

– Эгерде кааласаң, чогуу басалы, – деп сунуштады ууру аялга.

– Макул, – деп ал макул болду.

Алар экөө чогуу басышты да, жолдо сүйлөшүп ка-



лышты. Аял ушунча жароокердик менен сүйлөгөндүктөн, ууру сурады:

– Урматтуу карындашым, сенин күйөөң жокпу?

– Эгерде күйөөм болсо, мен бул торпок менен жападан-жалгыз чөлдө жүрбөйт элем го, – деп жооп кылды аял. Алар ошентип аңгемелешип баса беришти да, ууру аялга анын колуктусу бол деп сунуш кылды. Алар шаарга жетишээри менен казыга барып, калың менен махрды аныктап туруп, үйлөнүп алмак болушту. Бирин бири сүйөөрүнө ант беришип, алар андан ары жөнөштү. Күн батаарда алар кайсы бир кыштакка келип калышты. Ууру аялга айтат:

– Биз старостанын үйүнө түнөгөнү барсак жана биз аялы күйөөсү экенибизди айтсак жакшы болот.

– Абдан жакшы, – деп макул болот аял. – Бирок чындыгында, – деди ал ошо замат эле, – аялы жана күйөөсү болбойбуз. Бул казыга баргандан кийин гана болот. Ууру макул болот. Староста аларды абдан жакшы кабыл алды. Кечки тамактан кийин, аларга төшөк салып беришти. Ууру бөлмөдөн бир тарабында, аял – экинчи тарабында жатты. Түн ортосунда, ууру катуу коңурук тартып, анысы асманга дейре угулгандай болгон кезде, аял турду. Ал старостанын амбарына барды, бир аз ун алып келди да суюк камыр жууруду; камырдын бир бөлүгүн ал уурунун бут кийимине салды, калганын – старостанын бут кийимине салды. Андан кийин ал уурунун түйүнчөгүн көтөрүнүп, аны короого алып чыкты, мал сарайдан торпокту чыгарды, түйүнчөктү анын үстүнө илип, короодон чыгып, үйүнө жөнөдү. Эшик тарсылдагандан улам старостанын аялы ойгонуп кетти да, күйөөсүн ойготту:

– Эшик тарсылдады, – деди ал, – туруп карачы, коноктор бир нерсени уурдап кетишпесин! Староста бутуна кийейин деди эле, бирок анын буттары камырга

батып калды. Ал бут кийимин чечип, короого ыргытты да, жылаңайлак эшикке жакын келди. Ал ачык калганын көрүп, бөлмөнү карады. Эки коноктон эркеги гана калыптыр.

– Эй, байке! – деп кыйкырды староста. Ууру ойгонду.


– Эмне болду? – деп сурады ал.

– Сенин аялың менин бут кийимимди бузуп салды, эшикти ачып таштап, кетип калыптыр. Балким ал бир нерсе уурдап кеткендир.

– Жок, ал эч нерсе уурдай албайт, – деди ал старостага, – бирок айрым учурларда түндө тентип кетет. Ошондо ал түйүнчөгү жоголгонун көрдү жана аны аял өзү менен ала кеткенин түшүндү.

– Мен анын артынан барганым жакшы, – деди ал старостага, – антпесем ага жолунан каракчылар менен тентимиштер жолукпасын; алар анын торпогун тартып алып, өзүн кулдукка сатып жибериши ыктымал. Кыйналып жатып ал үйдөн чыкты, бут кийимин тазалады да, староста менен коштошуп, жолго чыкты. Ал даярданганга чейин күн чыгып кетти да, аял жарым жолду басып өткөнгө үлгүрдү. Ууру анын артынан түштү. Жарым жол басып өтүп, ал качкындарды көрдү. Аял улам артын карап коюп кетип бара жаткан, ал дагы ууруну көрдү. Ал абдан коркуп кетти жана кыйкырып жиберди:

– Эх, торпогум, сенин айыңан ушундай жамандыктар болуп кетти! Эгерде ууру кубалап жетсе, ал мени өлтүрөт, а сени алып кетет, анан сен мени түшүңдө дагы көрө албай каласың. Кайратыңдыы топтоп, душманды мүйүздөрүң менен ичке сүзүп салгын. Карачы, ал бизди кубалап жетип калды! Аял торпоктун мойнунан жибин чечип алды. Ууру бул мезгилде аларга жакын келип калган, торпок күүлөнүп, уурунун ичине мүйүздөрү менен сүздү. Ал жерге кулады. Аял кубанды, торпокту эркеле-



тип, өпкүлөй баштады, андан кийин үйүнө жөнөдү. Ал үйүнө жеткен кезде асманда күн нуру өчө элек болуп, жылдыздар жымыңдай элек эле. Үйүндө баары баягыдай эле болчу. Күйөөсү кечээкидей эле агартып упа-эндик шыбалган бойдон, үнсүз отурган. Кожоюнун көрүп, торпок кожайкесине карап, артка кетенчиктей баштады, ууруну сүзүп салгандай кылып сүзүп таштоо үчүн. Бирок аял түшүндү да, аны кармап калды.

– Кереги жок, торпогум! – деп кыйкырды ал. – Ал өжөр болсо дагы, эч кандай абийирсиздик жасаган жок. Торпок башын ылдый кылды да, мал сарайдагы акырына жөнөдү. Ошол күндөн тартып күйөөсү торпокко өзү чөп салып, суу берип турду, аны ал чоңоюп кеткенге чейин жасады. Биз жогору кеттик – ал жакта асман болчу, төмөн түштүк – жер болуп калды. Мына, болгон жомок ушул!

# БААТЫР АЛИ

*Күрд жомогу*

Илгери-илгери Али деп ат коюлган жакыр дыйкан аялы жана эки баласы менен жашаган экен. Ал бир жолу аялына айтат:

– Кел, аялым, жер кезип көрөлү, балким бизге оңдой берди болоттур! Али өз үй-бүлөсү менен алыс жолго жөнөдү да, кечке жуук кайсы-бир шаардын четине келип жетти. Бул жерде, чоң жашыл талаачада, Али эшегин оттосун деп коё берип, өзү болсо, алыс жолдон чарчап, калың чөпкө жатып, уктап кетет. Бул талаа ушул жерди башкарган кишиге тийиштүү эле. Ага анын талаасында эшек оттоп, дагы кайсы бир кишилер жайгашып алганын айтышканда, ал өзүнүн кол алдындагы эки кишисине анын жерине ким жайгашып алганын билип келүүгө жөнөтөт. Алинин аялы, аларга эки куралчан киши жакындап келе жатканын көргөндө, тез эле эски дат баскан кылычты алды, эшектин жышылып калган жарасынан алынган кан менен шыбап, уктап жаткан Алинин жанына коё салды, өзү болсо, келе жаткандарды утурлап чуркап чыкты.

– Кудай үчүн, тынч болгула, өтүнөм силерде. Али согуш талаасынан жаңы эле келди, ал чарчап калыптыр, эс алганы жатты. Мына анын жанында кылычы, аны менен ал душмандарды сойду. Эгер ал ойгонуп кетсе, силерге жакшы болбойт. Ага ишенип, куралчандар кожоюнуна корккон бойдон келишти.

– О, улуу урматтуу чексиз кожоюн, талаада кандайдыр бир баатыр жайгашыптыр, биз, сенин кыңк этпеген кулдарың, аны ойгото албадык. Башкаруучу өз адамдарынан дагы экөөнү ага баатырды чакырып келгиле деп жөнөттү. Алар Алиге жакын келишти, ойготуп, айтышты, аны башкаруучу өзүнө чакырып жатат деп. Али тил алды да, башкаруучуга келди. Башкаруучу ага ки-

чинекей там бөлүп берди, андан кийин өз жакындарын чогултуп, бул баатырды ал качандыр бир пайдасы тиер деген үмүт менен берешендик кылып сыйлаганын билдирди. Бир нече күн өттү. Бир жолу башкаруучу Алини өз бөлмөсүнө чакырды да, ага айтты:

– Бааты Али-ага, шаарда арстан пайда болду, күндүз ал жашынып калып, түнкүсүн элдерге кол салууда. Бир гана сен аны кармай аласың. Али аялына кайтып келди да, айтты:

– Менден баатыр жасап саласың, эми минтип арстан шаардыктарга кол салып жатыптыр, башкаруучу менден аны карма деп талап кылып жатат. Мен шордуу, мындай коркунучтуу жандыкты кантип кармай алмакмын? Ал мени жеп коёт!

Аялы Алини тынчтандырды да, бир нерсе ойлоп табууга убада кылды. Караңгы кирди, шаар оттору өчтү, бардыгы коркунучта арстандын пайда болушун күтүп калышты. Жарык болгону Алинин үйүндө гана күйүп турду. Анын аялы коркунучтуу жандыкка буктурма даярдап жатты: эшикти ачты, калың арканды самындады, андан чоң илмек жасады, аны ачык эшикке тууралап бекитти да, күтүп калды... Алыстан ыркыроо угулду. Түнкү жырткыч, абдан ачка жандык бош көчөлөр менен келе жатты. Мына ал отту көрдү да, түз эле Алинин үйүн көздөй жулунду, илмек дароо эле анын мойнуна оролду. Түнү бою арстан бошонууга аракеттенип жатты, бирок ал ийгиликсиз болду. Таң эрте Алинин аялы түр кылыш үчүн күйөөсүнүн бетин бир аз тыткылады, анан алар башкаруучунун кишилерин күтүп калышты. Алар тез эле келишти, кармалган жандыкты жана Алинин тытылган бетин көрүштү жана башкаруучуга арстан акыры кармалганы тууралуу айтышты. Башкаруучу Алини өзүнө алып келүүнү буйруду. Ага келгенде, аялы жөнөтүлгөн кызматчыларга жулунуп калды:



– Менин Алим силердин башкаруучунун айынан өлүп кала жаздады. Ал кече кайтып келе жатканда, ага арстан кол салды. Алинин куралы жок болчу, ал аны араң жеңди. Азыр ага кыйын, тыткыланып жатат. Кызматчылар бул тууралуу башкаруучуга билдиришти. Дарыгерлер Алини тез эле айыктырышты. Ал бүт аймакка таанымал болуп калды, ал эми башкаруучу ага көп эмгек акы төлөп, эми Алисиз эч нерсе кылбай турган болду. Али да тынчып калды эле, жамандык артта калды го деп, бирок кокусунан башкаруучу аны кайрадан өзүнө чакырды да, айтты:

– Баатырлардын баатыры, шаар четиндеги токойдо аюу пайда болду, ал элдерге кол салууда, андан кутулуу жок болуп калды. Аны сен гана жеңе аласың. Токойго жөнө да, аны кармагын. Али аялына кайтып келди, өзү болсо түнөрүңкү. Андан башкаруучу эмнени каалап жатканын аялына кеп салды.

– Мен кантип токойго аюуну кармаганы барамын, эгерде мен жада калса ат минип көрбөсөм? Алисин аялы дагы тынчтандырды:

– Коркпо, баары жакшы болот, башкаруучу сени менен мыкты атчандардан жүздү жөнөтөт, ошолор кармашат аюуну. А даңкы сага калат! Али бул түнү уктай алган жок. Эртеси башы ооруп турду да, ага жөнөтүлгөн боз атты араң дегенде минди. Жүз тандалма атчандар өзүн жетектей турган Алинин каалагандай буйругун аткарууга даяр турушту. Болгон кырсык: Али ээрге отура албай жатты. Атчандардын бири сурады: Ал эмнеге ээрде отура албай жатат? Башкасы жооп берди: Бизди сынагысы келип, атайы кылып жатат. Акыры Али эптеп-септеп минди да, жүз атчанды жетектеп токойго жөнөдү. Аюуну көпкө издешкен жок, атчандар тез эле из таап, айбанды кубалай башташты. Али болсо бул кезде атты байлады, анан экинчи аялына дагы,


башкаруучуга дагы эч качан кайтпоону чечип, бакка чыгып, тымып калды. Куугун аюуга жетти. Али көрдү, чоң жүндүү коркунучтуу айбан ал жашынган бакка жакындап келе жатканын. Аюу абдан жакын келген кезде, Али корккондунан аюунун үстүнө кулап түштү да, аны кулактарынан аткый кармап алды. Аюу турган жеринде чимирилди, күтүүсүз мингичин ыргытып салайын деп, бирок дал ушул кезде атчандар үлгүрүп келип калып, айбанды өлтүрүштү. Баары Алинин эрдигин мактап жатышты: мына сага баатыр! Баракелде! Баракелде! Биздин арабыздан бири дагы, кайсы бактын жанында аюуну күтүү керек экенин билген жок! Жакшы кабарды башкаруучуга алып келишти, Алинин эрдиги тууралуу сөз кылышты, анан башкаруучу аны абдан марттык менен сыйлады. Али өзүнүкүнө келди, бардык кайгы-капа бүттү го деп ойлоду, бирок кайдан! Башкаруучу Алини үчүнчү жолу чакырды.

– Мага каршы согуш менен чыгууга кошуна мамлекеттин падышасы камданууда. Өзүңө беш жүз мыкты атчандарды танда да, жолго чык. Али аялына келди да, айтты:

– Мындай кайгы, азап көтөргөндөн көрө, мен дагы жети жыл кедейчиликте турмакмын да. Менден кайдагы аскер чыксын? Мындай каардуу падышага каршы мен кантип чыкмак элем! Аны аялы кайрадан тынчтандырды: Атчандарды согушка алып чыга бер, алар душмандар менен кармаша беришсин. А даңкы сага калат.

– Жок, менин кымбаттуум, – деп жооп берди тынчы кеткен Али, – мен билем, бул жолу мен тирүү кайта албаймын. Мага акыркы жолу өзүңдүн сүрөтүң салынган нан бышырып бер да, менин күнөөлөрүмдү кечир. Таң эрте башкаруучу аскерлерин жыйнап, аларга бардык жагынан Алинин айтканын жасоо керектигин буйрук кылды:





– Али аттан түшсө – силер дагы жерге түшкүлө. Али атка минсе – силер дагы токтоосуз ошону жасагыла.

Али атка минип, аскерлер анын артынан кетишти. Таң эртең менен аскерлер дарыяга жетишти да, тыныгууга жайгашышты. Таңкы туман тарап кеткенде, алар карама-каршы жээктен душмандардын аскерлерин таанышты. Али дарыяга келди, камыштан чоң кучак үзүп, ойлонду, бул камыштан сокмо төшөнчү токуп, аны базарда саткан, кайсы бир башкаруучу үчүн өлгөндөн артык болот беле деп. Буйрукту эстешип, бардык аскерлер камыш жулуп, сууга таштай башташты. Камыш сууну төсүп, кадимки көпүрө пайда болду. Душмандар тараптан бул көпүрө менен ит чуркап өтүп, Али тамактанайын деп жатканда, Алиден аялынын сүрөтү салынган нанды жулуп, кайра артка качты. Али кылычын сууруп, аны кубалап жөнөдү. Ал эми Алинин артынан бардык аскерлер душмандарга карап чуркашты. Душмандарды кокусунан басып, баарын кырышты. Али болсо бул учурда итти кубалап кете берди. Согуш аяктаган эле, бирок аскерлер Али дагы эле алдыны карай чуркап жүргөнүн көргөндө, ойлошту: «Биздин аскер башчыбыз кандай каарман, итти дагы тирүү калтыргысы келбейт!» Акыры Али итти кубалап жетип, өлтүрүп, өзүнө өзү айтты: «Эми тынчмын, мен андан өчүмдү алдым». Али өз аскерлерине кармашуу болгонун байкабастан кайтып келди. Чабарман башкаруучуга баатыр Алинин жаңы жеңиши тууралуу кубанычтуу кабарды жеткирди. Башкаруучу Алини марттык менен сыйлады да, ага айтты:

– Сен бул байлыктар менен асыл нерселерге татыктуусуң. Ай алдында, каармандыгы жагынан сага тендеш киши жок. Эми баргын дагы, тынч жашагын. Али өз үйбүлөсүнө кайтып келди да, алар жыргап-куунап жашап калышты да, бизди жакшы сөз менен эстеп жатышты.

# ҮЧ ЖАКШЫ ИШ

*Күрд жомогу*

Бир кишинин үч уулу болуптур. Бир жолу Атасы алыскы сапардан кайтат дагы, уулдарына белекке алтын шакек алып келет. Уулдарынын ар бири ичинен аны алууга үмүт кылышты. Анан атасы аларга айтат:

– Балдарым менин, мен билемин, силердин ар бириңер бул шакекти алгыңар келип турат. Бирок мен билбей жатам, аны кимге белек кылам? Дүйнө кезгиле, туура бир жыл толгондо үчөөңөр тең мага кайтып келгиле. Ким жакшы иш кылган болсо, мен шакекти ошого беремин.

Ошентип чечишти. Бир жылдан кийин үч уулу тең атасынын алдына келишти.

– Кана, айткыла, бул убакыт ичинде кандай жакшылык кылдыңар? – деп сурады атасы.

– Мен ойлойм, – деп баштады улуу баласы, - шакек мага тиешелүү болушу керек: мен жолумдан коптөгөн жакырларды, жылаңач калгандарды көрдүм, жана алар менен дайыма колумда болгонду бөлүшүп турдум.

– Жакшы, – деди атасы, – бирок баары ушуну жасамак, мында эч кандай өзгөчө нерсе жок.

– Талашсыз, ата, шакекти мага бересиң го, – деди ортоңку уулу. – Бир жолу мен суу толуп аккан дарыянын жанынан отүп бараткамын. Карасам, бала чөгүп жатыптыр. Анан, мага кандай коркунуч туулганын эч ойлобостон, мен сууга секирдим дагы баланы сактап калдым!

– Эң сонун, уулум! – кыйкырып жиберди атасы, – бирок ар ким ушуну жасамак да, андыктан сен өзгөчө деле эч нерсе кылган жоксуң.

– Мен эч кандай жакшылык жасаган жок экендигимди айтуу мага уят, – деди үчүнчү уулу. – Мен алыскы Мисир шаарына жөнөөнү чечтим. Жолдо бороонго туш



болуп калдым да, мен чоң бактын түбүнө өргүүнү уюштурдум. Бир аздан кийин алачыгыма каны шөрголоп аккан адам келди да, мени багууну өтүндү. Анын бетин карап көрүп, андан мен өзүмдүн эң жаман душманымды тааныдым. Бирок мен аны кечирдим дагы, анын өлөөр алдындагы кыйналуусун жеңилдетүүгө аракет кылдым. Өлүп бара жатып, ал мага үч баласы калганын айтты. Мен анын балдарын багып алдым да, эми аларды тарбиялап жатамын.

– Сенин кылган ишиң баарынан мыкты экен! – деп айтты атасы жана шакекти кичүү уулуна тапшырды.

# ЖАЛКОО

*Перс жомогу*

Бир жалкоо жашаптыр. Ал эч качан ордунан жылчу эмес экен, жада калса төшөктө жатып ичип-жечү экен, а тамакты болсо, анын оозуна алып келип салышчу экен. Энеси кыйналып кетет, анан баласын ишке үйрөтө турган каражат табууну ойлонот. Анан бир жолу ал бир нече алма сатып алат. Бир алманы жалкоонун төшөгүнүн так түбүнө коёт, экинчисин – андан алысыраак, үчүнчүсүн – бөлмөнүн ортосунда, төртүнчүсүн – босогого, бешинчисин – кире бериштеги бөлмөдө, алтынчысын – дагы бир жакка, жетинчисин – эшиктин артына коёт. Жалкоо ойгонот дагы, алмаларды көрөт.

– Энеке, – дейт ал, – келип, мага алма берип койчу.

– Бекерпоз, – деп кыйкыра баштайт ал, – алып же өзүң!

Жалкоо алды, жеди, анан байкады: абдан даамдуу экен. Кыйналып жатып дагы бир алмага жетти. Акыры төшөктөн турду, улам бир алманы алып, кытырата баштады. Ал оозгу бөлмөдөгү алманы көрдү, алып жеди. Кийинки алманы алганда, энеси айтты:

– Бирөө короодо дагы жатат. Жалкоо үйдөн чыкты, ал эми энеси анын артынан эшикти бекитти. Жалкоо аны үйгө киргизип койчу деп жалынып-жалбара баштады, бирок энеси болгону айтты:

– Андай болбойт. Барып, ишке окуп келгин. Ошондо гана киргиземин.

– Мага жок десе жегенге бир нерсе берчи, – дейт ал, – антпесе ачкадан өлөм го. Энеси ага бир жумуртка, бир кочуш ун, жүн жиптин бир түйдөгүн жана мүйүз алып чыгып берди. Анын баарын баласына берип, бетинен өөп, ажырашышты. Жалкоо жолго чыкты. Ал шаардан чыгары менен – жаан куюп кирди. Ал кийимин суу болуп калбасын деп, чечип, түйүнчөк кылып ороп, ага



отуруп алды. Жаан басылганда, ал кийинди да, кайра андан ары жөнөдү. Өз жолу менен баратат, кокусунан эле анын алдынан дөө чыгат, жолоочунун кийими кургак экенин дөө көрдү, таңданып, андан сурады:

– Сенин кийимиң кантип суу болгон жок?

– А мен шайтанмын, – деп жооп берет жалкоо. – Ал эми шайтандын кийими суу болбойт.

– Калп айтып жатасың. Эгерде чындыкты айтсаң – кел күч сынашалы.

– Макул, – дейт жалкоо.

– А кантип сынашабыз? – деп сурайт дөө.

– Мына мен муштумума ташты түйөм, –деп жооп берет жалкоо, – анан аны улпак кылып майдалайм.

– Мен деле ошону жасаймын, – деп баатырланды дөө.

– Анда сен башта биринчи болуп, мен карап турайын! Дөө ташты көтөрдү, муштумуна түйдү, төрт бөлүккө сындырып, сунуштады:

– Эми сен жаса, мен карап турайын. А жалкоо болсо, уучуна унду ала калды да, ташты болсо чөнтөгүнө катты. Анан ал дөөгө унду көрсөттү:

– Карачы, мен ташты эмне кылып салдым. Дөө караса – иш жаман, ал коркуп кетти, бирок уят болгусу келген жок да, айтты:

– Жакшы, кел күчүбүздү башка бир нерседен сынашалы.

– Бул жолу, – деди жалкоо, – муштумуңа ташты майга айлангандай кылып түйчү. Дөө аракет кылып көрдү, бирок андан эч нерсе чыккан жок. Ал эми жалкоо болсо, муштумуна жумуртканы кысты эле, андан сарысы менен агы агып чыга баштады. Дөө коркуп кетти, артка жылды да, безген бойдон качып жөнөдү. Жалкоо андан нары кетти. Анан көрдү – анын алдында хан сарай турат. Тыкылдатты эле, коркунучтуу ырылдаганды укту:

– Ким бул?

– Ачкын, бул менмин, – деп кыйкырды жалкоо.

– А сен кимсиң?

– Сен өзүң кимсиң-ой? – деп кыйкырат жооп кылып жалкоо.

– Мен – дөөлөрдүн жол башчысымын, ал эми бул менин хан сарайым, – деген угулду ичинен.

– Ал эми мен боло – шайтанмын. Ачкын эшикти.

– Сен күчтүүсүңбү же менби? – деп сурайт дөө.

– Албетте, мен.

– Азыр көрөбүз, – деп ырылдайт дөө. Анан дөө колун колтугуна салып, түгүн жулуп, аны кирден тазалап туруп, айтты:

– Бул менин түгүм. Өзүңдүкүн көрсөтчү. Жалкоо түйдөктөн жүн жипти жулду да, дөөгө көрсөттү:

– А бул менин түгүм.

– Бул жолу болгон жок, – дейт төө. Кел эми жаңы сыноо ойлонуштуралы. Жалкоо ага жооп кылат:

– Кыйкырып көрчү, көролү, кимдин үнүн коркунучтуураак экенин. Дөө коркунучтуу ырылдак чыгарат. Ал эми жалкоо болсо оозуна мүйүзтү такап, үйлөй баштайт дейсиң – дөөдөн да ашып кетет. Дөө коркконунан эшиктин илгичин жулуп качып кетти. Жалкоо бакка кирди, бир нече күн эс алды да, кайра жолго чыкты. Кете берди, кете берди, анан бир кыштактын жанына токтоду. Булак суусуна жуунуп, бакка чыгып алды. Караса, булакка кара кул кыз кумарасы менен келе жатат. Ал сууга карап, ак адамдын чагылышын көрдү да, өзү ак болуп калдым деп ойлоду. Кул кыз кубанып кетти да өзүнө айтты: «Кожайкеме чуркайын, айтайын, ак болуп калдым деп. Мындан кийин мени кара кызматчы кыз деп айтпасын!». Бул жерден бакта отурган жалкоонун күлкүсү кычап кетет. Кул кыз угуп калып, өйдө карап, ага айтат:

– Сен кимсиң?





– Мен – шайтанмын.

– Каяктан келдиң?

– Тигил дүйнөдөн.

– Эгерде сен чындыкты айтып жатсаң, – деп улантат кул кыз, –анда айтчы, биздин ыраматылык кожоюнду каякка алып кетишти – тозоккобу же бейишкеби? Жалкоо башын чайкап, жооп берет:

– Тозокко.

– Ой-ой! Эмнеге?

– Анткенн анын акчасы жок болчу да. Анын айынан аны тозок отуна салышты. Ал мени көрдү да, суранды: «Менин абалым тууралуу аялыма жана балдарыма айткын».

– Ага кантип жардам берүүгө болот? – деп сурайт кул кыз.

– Жөпжөнокөй – ага акча жөнөткүлө.

– Аны кантип жасоо керек?

– Мага берсеңер, берип коёмун.

– Кудайым сенин өмүрүңдү узартсын! Ал ушуну айтып, кумарасын ыргытып, өз кожайкесине чуркап кетти да, ага болгон сүйлөшүүнү айтып берди. Кожайкеси кул кызга жалкоону алып кел деп буйруду. Ал ага үч жүз туман (иран акчасы) берди:

– Сага, балким, берген кыйын эместир, – деди ал.

– Анан айтып кой – ага дагы бир нерсе керек болсо, тынчы кетпесин, мен аны табамын. Айтып койчу, азыр менин колумда накталай акча болгону ушул.

– Ал жакка жөө барган абдан узак, – дейт жалкоо. – Мага ат берсеңер, мен тезирээк жетет элем. Аял ага ат берди, ээрине акча салынган куржун илди да, жакшы сөздөрүн айтып узатты. Бир аз убакыт өттү, анын үч уулу кайтып келди. Энеси болгон окуяны айтып бергенде, алар аны ушундай алдап кеткенине абдан жинденишти, кул кызды сабашты. Анан алар аттарына минип, жал-

коону кубалап жөнөштү. Жалкоо караса – алыста чаң чыгат, аны көздөй түз эле чаң менен үч атчан чаап келе жатат. Ал дароо түшүндү, иш кандай экенин, анан атын болушунча камчылап калды. Ал булакка чаап келди. Ал жакта болсо бирөө отуруп алып, сатууга ичеги-карын жууп жатыптыр. Жалкоо аттан түштү дагы, ага айтат:

– Сен эмне отурасың? Сени кармап кеткени келе жатышпайбы!

– Кимди кармаганы?

– Мына карачы, күзөт чаап келе жатат, сени кармап, өлтүргонү.

– Мен эмне кылышым керек? – деп жалынып жиберди бейтааныш неме.

– Менин атыма мингин дагы, чаап жөнө, – деп кеңеш берди жалкоо. Бейтааныш неме атка минди да чаап жоголду. А жалкоо болсо башына койдун жумурун кийип алды да, ичегилерди жууй баштады. Анан үч атчан чаап келди да, көрүштү: кайсы-бир киши койдун жумурун жууп жатат.

– Атчан кишини көргөн жоксуңбу сен? – деп сурашты алар.

– Кантип, азыр эле бул жерден чаап өттү. Анан ал айтты, аны менен кандайдыр-бир куржун бар экенин. Бир туугандар ичеги-карын сатуучунун артынан кармап алуу үмүтү менен чаап кетишти. Жалкоо болсо акча салынган куржунду алып, өзү туулуп өскөн шаарына жөнөдү. Үйүнө келди, эшикти какты. Энеси, уулунун кайтып келгенин көрдү да, кыйкырды:

– Мен сени үйгө киргизбеймин!

– Энеке! А мен сага акча алып келдим да.

– Сен акча иштеп таба турган кишисиңби? Жалкоо куржунду силкип койду – ал жактан тыйындар шыңгырап калды. Энеси эшикти ачты да, аны үйгө киргизди. Мына биздин жомок ушундай.

# СҮЛҮҮ СҮҮ ТАШЫГЫЧ

*Түрк жомогу*


Болгонбу, болгон эмеспи, бирок айтышат, байыркы замандарда бир улук падишахтын сулуу кызы болгон экен. Анын визиринин дагы сулуу кызы бар экен. Бир жолу, эки кыз терезеде отурушуп, көңүлдүү сүйлөшүп жатканда, жолду сулуу суу ташыгыч кесип өтүп бара-тыптыр. Падишахтын кызы аны байкап калып, чакырат:

– Эй, суу ташыгыч, суу ташыгыч, жооп берчи, ким сулуу, вазирдин кызыбы же менби?

– Экөөңөр тең укмуштайсыңар, – дейт сулуу суу ташыгыч, – бирок вазирдин кызы жакшынакайыраак. Аны айтып коюп, өз жолу менен кетип калат. Ал эми па-дишахтын кызы болсо, ошол кезден тартып күнүлөшүн жек көрүп калат. Бир аз убакыт өтөт, анан падишахтын кызы катуу ооруп калат. Карыган атасы бардык акыл-мандар менен дарыгерлерди каншайымды дарылаганга чакырат. Ал болсо дарыгердин биринин колуна бир ууч алтын салып, айтат:

– Барып, менин атама айткын: «Улуу урматтуум, эгерде сиздин кыз вазирдин кызынын канын ичпесе, ал эч качан айыкпайт» дегин. Дарыгер падишахка барып, ага буйрулган нерсени кайталады:

– О, менин падишахым, эгерде сиздин кызыңыз вазирдин кызынын канын ичпесе, ал эч качан айык-пайт. Падишах вазирди чакырганга буйрук кылды да, ага дарыгердин сөзүн айтты. Вазирди кайгы басты: ал өз кызын абдан жакшы көрчү. Кызды сакташ үчүн, ал чоң мышыкты өлтүрүп, анын канын падишахтын кан сарайына алып келди. Өзү болсо, үйүно кайтып келип, чоң жаңгак сандыкты ичинен кулпу салгандай кылып жасоону буйруду. Бул сандыкка ал оз кызын отургузду да, базарга алып келди. Дал ушул маалда базардан су-луу суу ташыгыч өтүп бара жаткан. Ал сандыкты көрдү,



сатып алды, үйүнө алып келип, бөлмөгө койду. Кийинки күнү таң эрте суу ташыгыч өз жумуштары менен кетти. А кыз болсо сандыкты акырын ачып, андан чыкты. Бөлмөнү жыйнады, суу ташыгычтын төшөгүн салды, бир аз тамактанды да, кайра сандыкка кирип алды. Кечинде сулуу суу ташыгыч үйүнө келет – анан карасачы! Бөлмө жыйналган, төшөк салынган. «Бирөө келген экен бул жакка», – деп ойлоду дагы, уктоого жатты. Кийинки күнү таң эрте суу ташыгыч кайра суу таратып келгени кетет. Кыз дагы бөлмөнү жыйнап, кайра сандыкка жашынып калат. Суу ташыгыч үйүнө келет дагы, кайра эле бардык жерде тазалыкты жана тартипти көрөт. Ал ойлоно түштү, анан сандыкка жакын келди да, айтты:

– Эй, ким бар ал жакта?! Кана, чыккын! Сени карап көрөйүн! Кыз унчукпады. Суу ташыгыч эмне кылмак эле? Ал бир аз турду да, уктоого кетти. А эртең менен болсо, ал кошунасынан бир кесим эт сатып алды да, үйүнө алып келди. «Балким, бул жолу, – деп ойлойду ал, – менин үйүмдө кожайкелик кылып жатканды кармап алармын». Ал кетээри менен кыз сандыктан чыкты, бөлмөнү жыйнап, этти кууруду, аны идишке салып, кир жууй баштады. Ошол кезде бөлмөгө суу ташыгыч кирди.

– Ой! – деп кыйкырып, кыз бетин этеги менен жапты.

– Сулуу кыз, эми сен – меникисиң, ал эми мен – сендикмин, – деди суу ташыгыч, – коркпо, көрсө сен – менин тагдырым экенсиң го. Ал күбөлөрдү чакырды, кызга үйлөнүп алды, анан алар сүйүү, жыргалда жашай баштады. Бир жолу суу ташыгыч эшектерге белек жүктөп, жаш аялын отургузуп, аны өз энесине барып конок болуп келүүгө жөнөттү. Кошуналары жаш аялынын сулуулугуна ичи тарып, суу ташыгычка кат жазышты: «Сенин аялың ойноп, бузулуп кетти». Суу

ташыгычтын каары кайнап, аялын өлтүрүүнү чечти. Ал энесинин үйүнө жөнөдү, аялы аны тосуп алууга чуркап чыкты, күйөөсүнүн колунан бычакты көрүп, аны өлтүргүсү келгенин түшүндү. Сулуу кыз дарыяга секирди, ал үйдүн жанында агып жаткан. Агым аны кармап алып, деңизге алып чыкты. Ал эми деңиз боору ооруп, балыкчылардын торуна түшүрдү. Балыкчылар торду тартып чыгып, карашса: анда жаш аял жатат, ушунчалык сулуу, асмандагы айга окшош. Балыкчылар талашып кетишти:


– Ал меники болот! – деп кыйкырды бири.

– Жок, ал меники! – деди экинчиси. Алар өз ара мушташып кете жаздашты. Анда кары балыкчы кошулду:

– Атылган жебени ким тезирээк алып келсе, сулууну ошол алат, – деди ал. Ошентип чечишти. Үч балыкчы атылган жебенин артынан чуркап кетишти, ал эми суу ташыгычтын аялы жалгыз калды. Ал торду тез жыйнап алды да, аларды алып, качып кетти. Качып баратат, качып баратат, анан кокусунан алдынан коркунучтуу абышка чыга калат. Ал сулууну көрүп, дароо сүйүп калат.

– Эй, татынакайым, эми сен – меникисиң! Мен сени колдон чыгарбасмын! – дейт ал. Бирок суу ташыгычтын аялы өзүн жоготуп койбой, абышканын башына балык торун ыргытып, андан ары чуркап кетет. Акырында, чарчаганынан шалдырап, ал булак башына жетет. Булактын жанында бак өсө турган. Кыз ага чыгып, бутагына эс алганы отура калат. Ушул маалда падишахтын уулу жакын жерден өтүп бара жаткан. Ал суу ичкиси келип кетет. Булакка эңкейип, андан сулуу кыздын чагылышын көрүп калат. Шахзада башын көтөрүп, аны бутактардын арасынан көрүп, дароо сүйүп калат да, аял кылып алгысы келет.

– О, шахзада, – дейт ага амалдуу аял, – бул бу-





лактан суу ичпегениң жакшы болбодубу. Анын суусу сыйкырдуу жана бактысыздык алыып келет. Андан көрө жаныма отур, эмне болоорун көрөлү. Шахзада ал сурангандай кылат. Жомоктордо убакыт тез өтөт. Бир саат өтпөстөн эле, булакка үч балыкчы келишет. Алар суу иче баштап, өздөрү жоготкон сулуунун чагылышын көрүп, эс-учун жоготушат. Бир аз убакыттан кийин булакка абышка дагы келет. Ал дагы суусун кандырайын деп, суудан сулууну көрүп, сулап калат. Бир аз убакыттан кийин суугa сулуу суу ташыгыч дагы келет. Булакка эңкейип, эсин ал дагы жоготуп коёт. Падишахтын уулу, буларды көрүп, таң калат да, өз жакындарына аларды кармап, түрмөгө салууга байрук берет. Анын буйругу аткарылат. Бирок суу ташыгычтын аялы аны каалаган эмес да, анан ал шахзадага айтат:

– О, менин шахзадам, бул балыкчылар мени деңизден алып чыгышты, бул абышка мени таарынткысы келген, а сулуу суу ташыгыч болсо – менин күйөөм.

– Ушунун баары чындыкпы, сулуу кыз? – деп сурайт да шахзада дароо эле балыкчыларды бошотууну, абышканын башын алууну, ал эми суу ташыгычка анын аялын кайтарууну буйурат.

– Ал өз сулууңду, - дейт шахзада суу ташыгычка, – анан экинчи колуңдан чыгарба. Өмүрүңөрдүн акырына чейин бактылуу болгула! Анан сулуу суу ташыгыч экинчи жолу вазирдин кызына үйлөнөт. Үйлөнүү үлпөтү кырк күн жана кырк түн созулат. Алар өз максаттарына жетишти, а биз болсо бир аз эс алалы.

# АКЫЛСЫЗ ШАХ

*Өзбек жомогу*

Качандыр-бир, байыркы заманда, кайсы бир кедей кишиде анын эскилиги жеткен үйү талкаланыптыр, анан ал жаңы там салууну чечет.

Үй аяктап калат, чатырын чыгаруу гана калат, бирок кедейде акча жетпей калат. Ал устасына үстүнөн камыштан согулган килемчелерди таштап, жарым-жартылай топурак бастырып кой дейт да, аны коё берет.

– Чатырды, – дейт ал, – колуман келген кезде, өзүм жасаймын. Кедей өзүнүн аяктай элек үйүнө көчүп кирет. Жакын жерде бир ууру жашачу экен. Ал жаңы тамды көрөт дагы, ойлойт: «Бул жакыр, балким, байып кетсе керек, жаңы там салыптыр. Балким, бул жерден бир нерсе алганга болоттур!». Түн ичинде ууру чатырга чыгып, аны менен басып жөнойт. Бир кадам жасаары менен эле килемчелер аны көтөр албай, ууру ылдый кулап түшөт. Ал түз эле уктап жаткан кедейдин үстүнө кулайт.

Кедей ойгонот, ууруну кармаганы чуркайт, бирок караңгы болуп, ал качып кетет.

Ууруда болсо кедейге болгон ыза күчөп кетет. Кийинки күнү ал даттануу менен шахка барат.

– Сен кимсиң? Эмне даттанууң бар? – деп сурайт шах.

– О, акылдуу шах-башкаруучу! Мен бир үйдү тоноп алайын дегенмин, чатырга чыктым, ал жакта болсо чатырдын ордуна – камыш килемдер. Мен ылдый кулап кеттим, бутумду аз жерден сындырып ала жаздадым. Суранам сизден – ошол үйдүн кожоюнун жазаласаңыз.

Шах кедейди – үйдүн кожоюнун чакыртты.

– Бул адам түндө сенин чатырың аркылуу кулап кеткени чынбы? – деп сурады ал.

– Чын, менин шахым, – деп жооп кылат кедей. –





Дагы жакшы, анын мага кулап түшкөнү, болбосо буту сынмак.

– Ал чын болсо, анда үйдүн кожоюнун дарга аскыла! – деп буйруйт шах баш кесерлерге.

Кедей жалынып жиберет:

– О, шах, мени неге асмак элең, ууруну жазалоо керек.

– Жаагыңды жап! Сен кантип мага үйрөтүп жатасың.

Кедей иштин начарлаганын түшүнөт. Шахтан акыйкаттыкты таба албайсың.

– О, шах-башкаруучум, мен күнөөлүү эмесмин го? – дейт кедей. – Чатырды чатыр жапкыч жасаган, ошол начар иштеген да. Жаман камыш килемдерин төшөгөн.

– Андай болсо, аны бошотуп, чатыр жапкычты асып таштагыла, – деп айтат шах.

Баш кесерлер чатыр жапкычты кармашты да, дарга алып жөнөштү.

– Менде шахка карата өтүнүчүм бар! – деп жалынды уста.

– Сен эмнени каалайсың? Айт! – деди шах.

– О, шах, мен эч күнөөлүү эмесмин. Камыш килемдерди соккон уста күнөөлүү. Ал аларды ичке жана анда-санда кылып жасаган. Эгерде килемчелер бышык болсо, алардын үстүнөн басканда эч кимдин буту кирип кетмек эмес.

Шах чатыр жапкычты бошотуп, килемдерди соккон устаны издеп таап келгиле деди.

– Килемдерди сен токудуң беле? – деп сурады шах андан.

– Мен, – деп жооп берди кол өнорчү.

– Аны аскыла! – деп кыйкырд шах. – Бардык жамандык анын килемдеринде.

– О менин шахым, менде сизге сөзүм бар. – деди кол өнөрчү. – Мен дайыма бышык килемдерди токучумун, бирок жакында эле менин кошунам көгүчкөн бага баштады. Ал өз көгүчкөндөрүн коё берип, алар асманда айланганда, мен аларды кечке карап талып калыпмын. Анан жумушум начарлады, мен болсо анда-санда, бышык эмес килемдерди токудум. Көгүчкөн сүйүүчү күнөөлүү.

Шах кол өнөрүнү коё берди да, көгүчкөндү сүйүүчүнү чакыртты да, аны асууга буйрук берди.

– О, менин башкаруучум – шах! Менин өтө берилгендигим – көгүчкөн учуруп, алардын учуусуна коз салуу. Мында чоң деле күнөө жок. Мени асып салгандан кимге пайда болмок эле? Бечара кишини өлтүргөндон көрө, ошол ууруну өлүм жазасына буйруңуз. Эл тынч жашап калат эле, – деди көгүчкөн баккыч.

– Чын эле! – макул болду шах. – Баарына ууру күнөөлүү. Аны таап, асып таштагыла! – деп буйруду ал.

Баш кесерлер ууруну издеп таап, дарга алып жөнөштү. Бирок дар жапыз эле, ууру болсо узун болчу, анан баш кесерлер аны канчалык асууга аракет кылышпасын, анын буттары жерге тийип турду. Баш кесерлер шахка келишип, айтышты:

– О, дүйнө башкаруучу, ууру абдан узун экен, анын буттары жер чийип калып жатат, аны эч аса албайсың. Эмне кылалы?

Шах кыжырланып кетти:

– Ушундай болбогон нерсе менен мага кайрыласыңарбы? Ууру ушунча узун болсо, силер жолдун кесилишине барып, бою кыскараак киши таба албайсыңарбы? Узун неменин ордуна кортойгонун асууга болбойбу? Ушуна да билбейсиңерби?

Баш кесерлер жолго чыгышып, ийинине ун салынган мүшөк аскан кичинекей кишини көрүштү.



«Э, шах айткандай кишинин дал өзү!– деп чечишти баш кесерлер. – Шахтын буйругу аткарылышы керек».

Алар кичинекей кишини кармап алышты да, дарга алып келишти.

Ал жалына баштады:

– Мен эмне күнөө кылдым? Мени эмне үчүн аскалы жатасыңар? Ушул маалда дарга шах өлүм жазасын көргөнү келди.

– Менин шахта өтүнүчүм бар! – деп кыйкырды жапыз киши.

– Айт, эмне өтүнүч, – деди шах.

– О, башкаруучу шахым! Мен жакыр адаммын. Тоодон отун терип, шаарга сатамын, жана элдерге оор жүктөрдү көтөрүүгө жалданам. Ошону менен үй-бүлөмдү багамын. Менин эмне күнөөм бар? Эмнеге мени асканга буйрук кылдыңыз?

– Акмак! – деп урушту шах. – Мен кайдан билем, сен күнөолүүсүңбү, жокпу? Бир адамды асыш керек. Мен ууруну асайын дегемин, бирок ал абдан узун, буттары жер чийет. Ал эми сен болсоң, туптуура бойдосуң, кодойгон.

– Башкаруучу шахым, – жалбарды бактысыз. – Узун ууру күнөөлүү, а сиз болсо, эч күнөөсү жок кодойгон жакырды өлтүргөн жатасыз. Акыйкаттык кайда! Эгерде ууру абдан узун болсо, анда дардын алдынан бир аз жер каз деп буйруңуз.

Шах ойлонуп-өйлонуп, айтты:

– Чын эле да! Ал туура айтып жатат. Аны коё бергиле. Ууруну аскыла. Анын буттарынын алдынан аң казгыла.

– Батыраак, батыраак! Болбосо кеч болуп калат. Дароо мени аскыла! – деп шаштырды ууру.

– Сен эмне өлгөнгө шашасың? – деп таң калды шах.

– Башкаруучу – шахым! Бейиште азыр эле шах өлдү. Өлөр алдында шах айтты: «Ким биринчи өлсө жана бейишке келсе, ошону шах кылгыла». Ошон үчүн мен шашып жатамын. Эгерде мени асышса, мен ал жакка барамын дагы, шах болуп калам, ал орунду эч ким ээлей электе. Батыраак аскыла мени! – деп дагы кыйкырды ууру.

Шахтын ичи тарып кетти. Анан тамашабы, бейиштин шахы болуш? «Кел андан көрө мен шах болойун тигил дүйнөдө!» – деп ойлонду ал, анан баш кесерлерге буйруду:

– Ууруну коё берип, мени аскыла!

«Шахтын буйругу аткарылышы керек». Баш кесерлер ууруну бошотуп, анын ордуна акылсыз шахты асып ташташты.

Ошону менен иш бүттү.

# ТАПКЫЧ АПЕНДИ

*Өзбек жомогу*

Апендинин акылмандыгы жана билимдүүлүгү жөнүндө даңк жер бетине алыс тарап кетти. Ошондо падишахтын буйругу – Насреддин Апенди хан сарайда жашасын деп чыккан.

Падишах Апендини өзүнөн бир да кадам чыгарчу эмес.

Бир жолу падишах чоң аңчылык уюштурат.

Сарай алдындагы чоңдор сарайдын атканасындагы тез чуркаган аттарды алып кеткенге шашышат. Аңчылар сарайдан чыгаар алдында, кокусунан падишах көрүп калат, Апендинин аңчылардын арасында жок экенин, анан токтоосуз аны таап келгиле дейт. Бат эле Апендини падишахтын алдына алып келишет.

– Сен эмнеге аң уулоого чыкпай жатасың? – деди падишах. – Ат алгын дагы, бизди ээрчи.

Апендинин талаага баргысы келген эмес, бирок айла жок, падишахтын буйругуна баш ийүү керек. Апенди атканага жөнөдү. Бирок ал жактан ал өтө эле көзгө толумсуз атты гана тапты.

Апенди ат минип, аң уулоого жөнөдү. Сарай кишилери жана падишахтын өзү өздөрүнүн оттой жанган аттары менен мактанышты, шамдагайлыктын жана көндүмдүн укмуштарын көрсөтүштү. Бечара Апенди алардын артынан араң үлгүрүп жатты, жана миңдеген шылдыңдоо менен кемсинтүүнү укту. Падишахтын өзү дагы акылманды көп шылдыңдады.

– Эй, Апенди, – деди ал, – сен өзүңө мындай кырчаң чобурду кайдан таптың. Бирок акылмандар эшек гана минип жүрүшү керек.

Кокусунан асманды булут каптап, ак жаан жаап кирди. Аңчылар аттарын коё беришип, бир топ суу болушса дагы, сарайга жакшы жетип алышты.





Апенди көрдү, шаарга өз аты менен жете албай турганын.

«Эге, мен таптакыр суу болмок болдум», – деди ал өзүнө, – тез кийимин чечти да, аны ээрдин алдына салып, жаанда кете берди.

Күн бир аз ачылаары менен, Апенди кийинип алды да, сарайга кайтып келди.

Падишах Апендинин кургак кийимин көргөндө таңданды да, сурады:

– Уксаң, Апенди, сен жаандан коргой турган кандай дубаны билесиң? Биз баарыбыз тез жүрдүк, бирок баарыбыз бир топ суу болуп калдык, а сенин качырың бир саат жолдо болду, сен болсо таптакыр кургаксың го.

Анда Апенди жооп кылды:

– Сиз, падишах, жөнү жок менин атыма күлдүңүз да. Ал түрү гана ушундай, бирок чындыгында «дулдул» канаттуу ат. Жаан кичине башталаары менен, ал булуттан жогору чыкты, анан жаан мага тийген жок.

Падишах таңданды да, чобурду эң жакшы акырга байлоону, ага мыкты атчыларды коюуну буйруду.

Бир нече деле күн өткөн жок, падишах кайрадан аң уулоого жөнөдү. Ал таза кандуу атын Апендиге берди да, озү баягы чобурга минди.

Падишах силкилдеме жолдон абдан кыйналды. Бир да аң кууп жете алган жок.

Бул жолу дагы жаан куйду.

Апенди атты бир коюп, бир нече мүнөттүн ичинде чатыр алдында болуп калды.

Бирок падишах «дул-дулун» канча камчы менен сабабасын, ал бутун араң сүйрөп келе жатты. Жаан падишахты арыктагы сууга түшкөн тооктой шөлбүрөттү. Караңгы түндө гана, тоңуп жана ач болгон падишах сарайга кайтып келди.

Ал дароо Апендини чакыртты:

– Эй, акылман, сен кантип мени алдоого дитиң барды. Менин бир сөзүм, сенин башыңды алып түшөөрүн билесиң да.

Апенди башын ийип, айтты:

– О, падишах, сен эмне жинденип, сары суу бөлүнүп чыкканга жол ачасың. Бул ден соолукка зыян. Эмне, мага окшоп акылман болуш керекпи, жаан жаап жатканда кийимди чечип, аны ээрге бастырып, шаарга кургак бойдон жеткенге?

# БЕЧАРА АХМЕТ ЖАНА ХАНДЫН АКЫЙКАТСЫЗ КЕҢЕШЧИЛЕРИ

*Казак жомогу*

Сары-Арка талааларында байыркы заманда акылман жана акыйкат хан көчүп-конуп жүрчү экен. Хандын төрт кеңешчиси бар экен: үчөө – белгилүү байлар жана бирөөсү – кедей абышка. Бир жолу хандын кеңешчилери талашып кетишет: ким кайрымдуураак жана боору ооруйт, кедейлерби же байларбы? Бай кеңешчилер айтышты, аларга кайрымдуулук жана боору ооруу мүнөздүү, алар гана башкалардын азаптарына жооп кайтара алышат деп. Бечара кеңешчи унчуккан жок, ал эми бир күндөн кийин ханга келип, айтты:

– Акылман хан, эгерде чындыкты билгиң келсе, жаман кийин, жана мени менен жүр.

Ошентишти. Кедей ханды шалтак, айрык-тытыктарга кийинтти, эшекке мингизип, талаага алып жөнөдү. Биринчи бай кеңешчинин боз үйүнө келишти.

– Ассалоому алейкум, – дешти алар ага.

– Силер кимсиңер жана кайда баратасыңар? – деп сурады бай, алардын саламына жооп кылбай.

– Биз кайырчыларбыз, – деп жооп берди абышка, – ким эмне берсе, ошону менен тамактанабыз. Ырайым кылчы, бир түнөгөнгө киргизчи.

– Жок-жок, – колун булгалады кеңешчи, – менин кыштагымда тар, мына силерге бир чыны таруу – кеткиле бул жактан.

Аларды уктоого экинчи кеңешчи дагы киргизген жок. Ал аларга көгөрүп кеткен нандын тилимин берди. Үчүнчүсү, эң байы, эч нерсе берген жок да, аларды итке талатты.

Алар копкө талаа менен жүрүштү да, күн батаарда үч боз үй көрүштү. Алардын экөө байдыкы эле, үчүн-



чүсү болсо, кедей Ахметтики болчу. Ахмет конокторду көрдү да, бо үйдөн чыкты, эшекти кармап, ханга түшкөнгө жардам берди, жана конокторду өзүнүн жакыр боз үйүнө киргизди. Эң жакшы төшогүн салып, кой сойгонго камданды.

– Балам, эмне кылайын дедиң эле? – деп сурады абышка.

– Силерге арнап кой сойойун дегем.

– Бирок биз бөйрок гана жейбиз, уулум, ал эми бизди тойгузуш үчүн он төрт бөйрөк керек.

Ахмет боз үйдөн чыкты да,өзүнүн карыган энеси менен кеңешти, анткени аларда болгону жети кою бар эле.

– Конокторго тамак бербеген болбойт, – деди энеси.

Алар койлорду союшту, бөйрокторду кайнатышты, а этти болсо базарда сатып, бул акчага үч-төрт кой сатып алууну чечишти. Эртең менен хан менен абышка кетишти. Анан хан өз кеңешчилерин чакырат да, аларга анын жети коюн кимдир-бирoо уурдап алды деп билдирет. Бай кеңешчилер койду издегени жөнөштү да, чу дегенде эле базарга кайрылышты. Алар ал жактан өзүнүн жети коюнун этин сатып жаткан Ахметке туш болушат, аны кармап, ханга алып келишет.

– Мына, – деп кыйкырышты алар, – ууру, сенин койлоруңду уурдап алган! Аларды хан укту дагы, айтты:

– Силер ач көз жана сараң гана эмес, акыйкатчыл да эмессиңер. Ал эч кандай койлорду уурдаган жок. А мына силердин кайрымдуулугуңар, – деп ал бир чыны таруу менен нандын тилимин алып чыкты.

– Силер тамак гана бербей койбостон, уктоого да киргизген жоксуңар мени. Анан акылман хан үч бай кеңешчисине тең Ахметке ондон кой бергенге буйрук кылды.

# БЕЛЕККЕ АРНАЛГАН КООНДОР

*Түркмөн жомогу*

Байыркы замандарда, ушул жылы жана ушундай бир күнү Миралинин жана анын атасынын коондору абдан көп бышыптыр. Анан Мирали атасына айтат:

– Уксаң, ата, биздикиндей коон эч кимде жок. Мен бир таңым коондорду падишахка белек берейинчи.

– Баргын, балам, бирок падишах коондорду белекке алса дагы, сага ордуна эч нерсе бербейт, – жеп жооп кылат атасы.

– Бербесе өлүп кетсин да, – дейт Мирали.

Мирали эшегине эң мыкты коондорун артып алып, жолго чыгат. Ал эми Солтансоюн болсо, Мирали жакындап келе жатканын алыстан көрөт да, чептин дарбазасына эшик кайтаргыч сыяктуу туруп калат. Мирали эч нерседен шек санабай, дарбазадан өтөйүн дегенде, Солтансоюн ага айтат:

– Эй, жигит, кайда баратасың?

– Бүгүн Солтансоюнга коон белек берейин деп каалагам, – деп жооп кылат Мирали.

– Мына акмак! Коондордун ордуна эч нерсе бербей турган жана сени куру кол кетире турган Солтансоюнга белек кылганча, аларды базарга алып барып, саткын, – дейт Солтансоюн.

– Бербесе – кереги жок, мен жок дегенде ага менин коондорум кандай таттуу экенин көрсөтө алам, – деп айтып Мирали дарбазага кирет да, падишахтын сарайына жөнөйт.

Ал эми Солтансоюн Мирали келгенге чейин падишахтын кийимин которуп кийинип, тактыга отуруп үлгүрөт. Мирали падишахка жаыкн келди да, айтты:

– Мына, падишах, мен сага коон алып келдим.

– Сенин коондорунда жакшы эч нерсе жок, анан





мен алар үчүн эч нерсе бербеймин. Алып кеткин аларды! – деди Солтансоюн.

– Эч нерсе бербесең – бербей деле кой! Мен аны айтпадым беле, – деп жооп кылат Мирали.

– Эй, жигит, сен эмнени айттың эле? – деп сурайт Солтансоюн.

– Мен айткан нерсени, – так жана түшүнүктүү , мында сурай турган эч нерсе жок, – деп жооп берет Мирали.

Солтансоюн ойлонуп-ойлонуп, анан Миралиге бир ууч тыйын берип, коё берет. Мирали кеткенден кийин, падишахтын кол алдындагылары сурашат:

– О, падишах, уксаңыз, ар бир коон алып келгенге ушунчадан акча бере берсеңиз, жакында биздин казына бошоп калат.

– Ар бир коон алып келгенге мынчадан акча беришпейт. Акча анын коондору үчүн эмес, жообу үчүн берилди, – дейт Солтансоюн.

– Бул адам башкалардан эмнеси менен артык болду? – деп сурады визирлердин бири.

– Эмнеси артык болгонун силер, эгерде андан сөздүн жардамы менен ага берилген акчаны тартып ала алсаңар түшүнөсүңөр.

– Мага уруксат кыл, о, падишах, сөздүн гана жардамы менен андан акчаны тартып алып, кайра артка алып келгенге, – деди вазирлердин бири, анан Миралини кууп кетти.

Жарым жолдон Миралини кууп жетип, вазир кыйкырды:

– Эй, жигит, токточу! Акча сага жөн эле берилди, анан мен аларды сага калтырбаймын!

Мирали, эшегинин оозун тартып, жооп кылды:

– Мына мен токтодум – эми сөзүңдү айт. Көрөлү, эмнени айтаар экенсиң!

Ошондо вазир сурайт:

– Жердин чок ортосу кайда? Тапчы!

Ага Мирали жооп кылат:

– Сен жердин чок ортосу кайда экенин билгиң келеби? Ал менин эшегимдин алдыңкы оң туягынын алдында.

– Бул сага кайдан белгилүү? – деп сурайт вазир.

– Аны кайдан билээримди – сураба, а эгерде ишенбесең – мен күтүп турамын, а сен ченеп чык, королү, – деп жооп кылат Мирали.

Миралиден утулуп калган вазир, падишахка кайтып келет.

– Кана, акчаны тартып ала алдыңбы? – деп сурашат, падишахты тегеректеген элдер.

– Жок, – деп жооп кылат вазир, – мен акчасыз кайттым.

Анда башка киши падишахтан уруксат алып Миралини кууп жетет дагы, ага айтат:

– Эй, жигит! Асманда канча жылдыз бар экенин тапкын, же болбосо, акчаны бергин дагы, кетип кал бул жерден!

Мирали анда буга жооп кылат:

– Мына айтты да! Асманда жылдыздар, менин эшегимдин канча түгү болсо, ошончо да! А эгерде шектенсең, ал да санай башта.

Ошентип, бул адамга дагы эч нерсеси жок кайтканга туура келди.

Анан башка адам Миралини кууп жетет дагы, сурайт:

– Эй, жигит, асмандагы ак томк эмне тууралуу кыкылыктайт? Билсең – айт, билбесең – акчаны бер да, кетип кал!

– Мен ак тооктун үнүн угуп жатамын, – деп ойлонуп айтат Мирали, – бирок эмне тууралуу айтып жатка-



нын биле албай жатамын. Эгер мүмкүн болсо, атыңды берчи. Мен ага минип алып угайын – анткени ат эшектен бийик эмеспи, балким, мен ак тоокко жакыныраак болуп калсам, ал эмне тууралуу айтып жатканын айырмалай алаттырмын.

Адам өз атын Миралиге берет, а Мирали болсо, минип алып, ыңгайланышып отурат да, айтат:

– Мына эми, ак тооктун үнүн так угуп жатамын.

– Анан эмнени уктуң? – деп сурайт тигил.

– Ак тоок айтып жатат: «бул атты мин да, кете бергин, а бул кишиге болсо, эшек деле жетиштүү» деп, – Мирали ушинтип жооп кылып, атка камчы уруп, чаап кетет.

А тигил киши, атын дагы жоготуп, акчаны да ала албай, Миралинин эшегин минип, хан сарайга келет. Ошондо падишах айтат:

– Эми көрдүңөрбү, Мирали кандай киши экенин?

Алар Мирали сөзү менен жеңгендерге боорлорун оорутушту, жана «Күчтүү менен алышпа, ылдам менен жарышпа» деген чын экен деп чечишти.

# ПАДИШАХ КАНТИП КИЛЕМ ТОКУГУЧ, АЛ ЭМИ КОЙЧУНУН КЫЗЫ – ПАДИШАХТЫН АЯЛЫ БОЛУП КАЛДЫ

*Тажик жомогу*

Бирөө айтат – чын болчу деп, бири болсо – жалган дейт, бир жерде падишах жашаган экен. Анын байлыгына сан жеткис, бийлиги болсо чексиз болгон экен. Каалаганынын баары заматта орундалчу тура. Анткени анын увазирлери ал эмнени каалап жатканын алдын ала билип турушчу экен. Ал эми падишах каалаган нерсе – ыйык мыйзам катары кабыл алынчу.

Бир күнү падишахтын кулагына койчунун ай десе ай, күн десе күн сулуу кызы бар экени угулат.

– Башка мындай жан жок бүткүл дүйнөдө, – дешет сулуу жөнүндө.

Падишах өз көзү менен көргүсү келет. Жанжөкөрүн ээрчитип жөнөп калат. Кедейдин алачыгынын жанына келгенде атынан түшүп, босогодон аттайт. Дароо эле бирөө жүрөккө канжар малгандай кыйкырып жиберет. Мындай сулууну ал эч жерден көргөн эмес эле!

Сарайына кайткан падишах тамак жебей, суу ичпей, наар албай көп күн жатып калат. Элди да соттобойт. Койчунун кызын гана ойлоп отуруп калат. Бир күн ойлонду, эки күн ойлонду, үчүнчү күн дегенде койчуга жуучу жөнөтөт.

– А падишах кандай кесипти аткара алат? – деп сурайт сулуу. – Мен колунан иш келген адамга гана турмушка чыгам.

Падишахка бул тууралуу угузушканда, ал каарын төктү.

– Мен – падишахмын! Колуман баары келет! Кан-



дай кесип жарашсын мага? Баары меники: тоо кендери да, жер астындагы алтын-күмүштөр да. Бардык тирүү менен өлүктөр мага баш ийет! Мен бул кыялы чорт сулууну окутуп коёюнчу!

Бир күн ойлонду, кантип жазалоо керек деп, эки күн ойлонду. Оң колунда отурган увазири айтат ага:

– Койчунун кызын асып салуу керек! Атасын дагы!

Сол жагындагы увазири айтат:

– Койчунун кызы татыктуу аял болмок беле, сиздей падишахка? Жер үстүндө мындан башка да коп сулуулар бар.

А падишах унчукпайт, ойлонуп отурат. Үчүнчү күнү увазирлерин чакырып, сурап калды:

– Акылдуу увазирлерим, айткылачы мага, кайсы кесип баарынан мыкты?

Алар тандай башташты. Карапачы болсо – булганч жумуш. Устаныкы андан да жаман. Шалтагы көп, оту да ысык, аптап урат. Таш кесүү – чаңдуу. Себет согуу – колуңун баарын кескилейт. Увазирлер көпкө ойлонуп, акырында табышты: баарынан жакшысы килем согуу. Килем соккон мыкты килемчини да табышты. Ал хан сарайда жашап, падишахты өз өнөрүно үйрөто баштады. Акыры падишах өзү бир килем сокту. Килемдин бурчуна ал өз мөөрүнүн сүрөтүн түшүрдү. Килемди болсо койчунун кызына жонөтүүнү буйруду.

Сулуу кыз килемди алдына жая салганда оозу ачылып, катуу таң калды. Падишах жөн киши эмес экенине ишенди. Турмушка чыгууга макул болду. Эми ал килемди карап сүйүнүп отура турсун дейли. Сөздү падишахтан баштайлы.

Малайлары анын белегин кызга алып барганча, падишах жакырдын киймин кийип, шаар кыдырууну чечти. Эли ал жөнүндө эмне кеп кылаарын билгиси келди. Антпесе чындыкты кайдан билүүгө болот? Бекеринен

айтышпаса керек: падишахка чындыкты айтуу – кылыч мизинде турганга барабар деп.

Жөлдон чайканага кайрылып калды. Ал жерде экөө өтурган экен. Түрлөрү өтө суук, курларында канжарлары бар. Кадимки эле каракчылардай. Алар чын эле каракчылардан болчу. Коркуп кеткен падишах ойлонду: «Буларга менин падишахтыгым же жакыр экеним баары бир. Бул түрүм менен мага ким ишенмек эле!» Жез тыйынды чайкананын ээсине берип, бир кесе палоо сурады. Бирок ага палоо бергенге үлгүртпөй эле, каракчылар бычак такап, кайсы-бир бурчтагы кичине бөлмөгө сүйрөп жөнөштү. Ал жерде болсо кыйкыр, кыйкырба – баары бир сени эч ким укпай турган жер экен.

Каракчылар падишахты катуу таңып, жерге күмөлотүштү.

– Муну эмне кылалы? – деп сурайт биринчиси.

– Жата турсун, – дейт экинчиси. – Эгер биздин досубузду жазага тартышса, биз башкесерди акчага сатып алабыз. Ал мунун башын кыя чапса, биздин досубузду кое берет.

– Менин чымындай жанымды аягыла, – деп жалынды падишах, – а мен болсо падишахтан силердин досуңарды куткарып бер деп суранам.

Каракчылар каткырып калышты.

– Көрүнүп турат, сен анын үйүндө сүйүктүү коногусуң го! Аны килем токуганга сен үйрөткөн жок белең? – деп катуу каткырышты каракчылар. – Сени бул түрүң менен сарайга да жолотушпайт го! Куткаргычын көр мунун!

– Анда, келгиле, мен толоп берейин? – деп суранды падишах.

– Көрдүк байлыгыңды – бир жез тыйын. Ага бир кесе палоо да беришпейт! Байлыгын көр мунун.

– Мен силерди байыта алам. Падишахты мен үй-

рөтпөсөм да, өзүм кыйын токуйм килемди. Мен токуюн, силер саткыла. Көп акча табасыңар.

Каракчылар ойлонуп калышты. Калп айткан болсо, өзүнө жаман. Жертөлөөгө килем токугучту, жиптерди алып келип, суу куюлган кумура жана бир кеседе палоо калтырышты. Падишахты болсо кайра камап коюшту. Беш күндөн кийин килемге келишээрин эскертип, кетип калышты. Беш күндон кийин келишсе, алдыларында даяр килем жатат. Кандай кооз, чаарала десең! Кир жертөлөөдө сыйкырдуу бак өнгөн сыяктуу болуп калыптыр!

– Бул килемди хан сарайга алып баргыла, – деди падишах каракчыларга. – Ал жактан көп акча аласыңар. Бирок аны ошол жакта жашаган килем токуган килемчи карап көрсүн. Ал анык баасын билет да!

Каракчылар килемди алып сарайга жөнөштү. Падишахка кирели деп сураныштты. Анын кайда экенин эч ким билбесе, аларды кай жакка киргизишет? Аны да айтканга болбөйт. Кулдары ээсинин кайда жүргөнүн билмек беле?

– Улуу падишах эс алып жатат, – деди оң колдо отурган увазир. – Анын тынчын алууга болбойт.


– Бул килем биздин улуу падишахтын бут алдында жатканга татыктуу экен, – деди дагы бири.

– А мунун баасы канча – биз биле албайбыз, – деди башкасы.

– Сарайдагы килемчини чакыргыла, – дешти каракчылар, – ал мунун баасын так биле алаттыр.

Килем токугучту чакырышты. Килемди карап ал: – Бул килем өтө кымбат. Ал биздин падишахка бакыт алып келет. Ошондуктан бул адамдарга бир баштык алтын салып бергиле.

Каракчылардын кубанганын айтпа, алтын алып кайра кетишти. Килем токуган адам айтты:



– Бул килемди биздин падишах токуптур. Бурчунда анын мөөрү бар экен. Бул анын колтамгасы. Эми аны кайдан издөө керек экенин билдик!

Шаардын бардык булуң-бурчтарына чабарман чаптырышты, алар килем саткандарды бир саат өтпөй эле, чайканадан кармап келишти. Кармап алып, колдорун байлап:

– Килемди кайдан алдыңар, айткыла? Падишахты эмне кылдыңар? – деп суракка алышты.

Алар айткан үйдүн бурчтарын тинтип, акырында кичинекей эшикти көрүштү. Түртүп көрсө жабык экен. Кулпусун талкалап, кирип барышты. Ал жакта падишах килем токуп отурган экен.

Падишах сарайына кайтып келди. Каракчыларды өлүм жазасына буйруду. Килем токууну үйрөткөн адамга сый көрсөттү. Андан кийин увазирлерине айтты:

– Эми койчунун кызын алып келгиле. Үйлөнүү үлпөтү күтүп жатканын ага айткыла. Андан мыкты аялды мен таба албайм. Ал абдан акылдуу экен. Эгерде ал мени кесипке үйрөтпөсө, мен эмгиче жарык дүйнө менен кош айтышмак турбаймынбы.

Бирөө айтат – чын деп, экинчиси – калп дейт. Бирок ушундай болду деп айтышат. Той да болуптур. Бул тойдо мен да барып, килемге чөгүп отуруп, палоо жегем. Баары менен кошулуп, кубанып ыр ырдагам.

# АУЭЗ-ХАНДЫН КЫРК УУЛУ

*Казак жомогу*

Байыркы заманда Ауэз-хан жашаган экен. Анын кырк уулу болуптур. Хан кырк кызы бар адамды жолуктууруну самачу экен, аларды келин кылып алсам деп тилеген тура. Күндөрдүн биринде кырк кызы бар адам бар экенин угат. Ага өз кишилерин жиберет. Алар Ауэз-хандын балдарына кыздарынын колун сурап келгенин айтышат. Кыздардын атасы хандын кишилерине:

– Мен кыздарымды калыңы жок эле берем, бирок хан менин үйүмөн өз хан сарайына чейин түз кеткен жол салсын. Анын эки жээгинде тең булактары, фонтандары жана арыктары бар гүлдөгөн бак өстүрсүн. Бул бактарда дайыма булбул сайрап турсун. Мунун баарын ал бир жылда бүткөрсүн, – дейт.

Хан адамдары айтып келгендерди угуп:

– Жакшы!... – деп гана коет.

Кол алдына кичүү баласын гана алып калат. Калганын, көп малайларын кошуп берип, бактарды жана жол салуугу жөнөтөт. Алар көпкө иштешет, жол болсо салынып бүтпөйт. Бактары да гүлдөбөйт. Ошондо кичүү уулу атасына:


– Атаке, мени кое бер. Мен жолду да сала алам, бакты да отургузам – дейт.

– Калган отуз тогузу жасай албаган нерсени, сен кантип жалгыз жасай алат элең, – дейт ага хан.

Баласы атасынын жанынан кетпей суранып отуруп, аны макул кылат. Кетип бара жатып, ак кийимчен бир кары адамга жолугат. Ага баарын айтып берет. Чал болсо жардам берем деп убада берет. Көзүңдү жум дейт кары адам. Качан көзүңдү ач дегенде, ачса баары даяр: түз кеткен жол салынып калыптыр. Эки тарабында тең

– бакчалар, булактар шылдырап агып, фонтан аты-





лып жатат, булбул тынымсыз сайрайт. Абышка хандын уулуна айтат:

– Эми үйүңө кайт. Колуктуңа барууга шашпа. Байкелериң бара берсин. Бирок алар кайтып келе жатканда чоң кооз үйгө токтошпосун деп эскерт, – деп айтаар замат, жок болуп кетет. Хандын уулу кайтып келет. Бир туугандары андан:

– Эмне бүтүрдүң? – деп сурашат.

– Мен жумушту аяктадым, – деп жооп берет кичүү иниси.

Хан уулдарын колуктуларын алып келүүгө жөнөтөт. Ал эми кичүүсү болсо калып калат. Абышканын айткандарын аларга айтат. Бир туугандар өз колуктуларына келип, ал жакта бир нече ай туруп калышат. Акыры үйүнө жөнөшөт. Жолдо баратып бороонго учурашат. Баары суу болуп, үшүп кетишет. Аңгыча чоң үйдү көрүшөт. Инисинин айтканын эстеп, кайрылбай өтө беришет. Бирок коштоп барган кишилер бул тууралуу билбей, үйгө кайрылып калышат. Бир туугандарга алардын артынан барууга туура келет. Үйдө ажыдаар жаткан экен. Ал айтат:

– Азыр баарыңды жейм. Жашагыңар келсе, кичүү иниңерди мага алып келгиле.

Коркконунан байкелери убада беришет. Ошентип, үйүнө тынч жетип алышат. Кичүү иниси болсо мунун баарын түшүндө көрөт. Жакырдын кийимин кийип, бир туугандарын тосуп чыгат. Алар аны таанызбай өтүп кетишет. Ал эми кичүү бала ажыдаарга барат.

Аны көргөн ажыдаар сүйүнүп:

– Балам, келгениң жакшы болбодубу. Үстүмө мин.

Бала аны мингенде, көзүңдү жум деп буйрат. Качан ач дегенде, баладан анын эмне көргөнүн сурады.

– Мен бийик даракты көрдүм. Анда сулуу кыз отурат – дейт кичүү бала.

Ажыдаар ал кызды алып кел деп буйруду. Алып келбесең, жеп салам деп айтат. Хандын уулу бак башындагы кызды издеп жөнөйт.

Кетип баратат, кетип баратат, жолдо түлкүлөрдүн ханышасын жолуктурат. Ал токойдо чуркап баратып, бутун сындырып алып, ыйлап отурган болот. Хандын уулу анын бутун таңып берет. Кубанган түлкү терисинен үзүп берип:

– Керек болуп калсам, бир талын күйгүз, мен сага жардамга келем.

Хандын уулу андан ары кетет. Жолдон жарадар болгон кумурскалардын падышасын жолуктурат. Ага да жардам берет.

– Керек болуп калсам, ташты отко сал, мен дароо жетип келем – дейт кумурска, балага таш берип жатып. Бала акыры кызды табат. Ал таң калып, баладан сурайт:

– Кайдан келген жансың, бул жакка кантип келдиң? Бул жерде эч качан адам баскан эмес эле.

– Мен хандын уулумун. Атам түшүндө сени көрүп, сүйүп калыптыр. Таап алып кел деди. Мен көп жыл издедим сени. Акыры таптым, – деп жооп берет хандын уулу.

Кыз ойлонуп, мындай деп жооп берет:

– Менин эки каалоом бар. Аларды аткарсаң, мен сени менен барам. Менин эки түлкүм бар – аларды кармап бер; кумга эки мүшөк буудай аралаштырам – сен аларды кайра чогулт, бир да дан кумда калып калбасын.

Кыз түлкүлөрдү кое берип, кумга буудай төккөндө, хандын уулу бир талды күйгүздү. Түлкү чуркап келип, тигилерди кармап берди. Андан кийин бала ташты отко салды. Кумурскалар падышасы пайда болду. Өз кол алдындагы кумурскаларды чакырып, көз ачып-жумгуча эки мүшөктү буудайга толтурушту.

Убада бергениндей эле, кыз бала менен барууга



макул болду. Жолдо баратып, бала чынын айтты. А кыз болсо, муну мурда эле билгенин, өз каалоосу менен хандын баласын ээрчип баратканын айтты. Экөө бири-гип ажыдаардан кантип кутулууну да ойлоп табышты. Кыз айтат:

– Сен ажыдаарга менден бир күн мурун бар. Кыз келатат дегин. Ал короого чыгып, кубанганынан ышкыра баштайт. Сен болсо сандыкты ачып, анда олтурган эки көгүчкөндү өлтүр. Ошондо ажыдаар да өлөт.

Үйүнө кирип келген хандын уулун көргөн ажыдаар баладан сурады:

– Таптыңбы кызды?

– Ооба, – дейт бала, – ал бул жакка келе жатат. Ажыдаар кубанганынан короого чыгып, ышкыра баштаганда, хандын уулу көгүчкөндөрдү өлтүрдү. Ажыдаар дароо мүрт кетти.

Бала болсо сулуу кызды үйүнө алып келет. Ага үйлөнүп, бактылуу жана бай болуп жашап калышыптыр.

# ФАРХАД ЖАНА ШИРИН

*Өзбек жомогу*

Болуптур, болгон эмес экен, бирок илгериилгери, мал-жандар жана куштар сүйлөгөндү билген учурда, роза гүлү сыйкырланган кыздар болгон кезде, алыс бир өлкөдө кедей жашаган экен. Анын Фархад аттуу уулу болуптур.

Абышка өлүм алдында жатып, баласын чакырып, ага айтат:

– Бизде алтын-күмүш жок. Бул кетменден башка сага калтыра турган дүйнөм да жок. Эмгектенсең – бактылуу болосуң, уулум. Кош бол. Мени көмгондө бул сандыкты кошо көм. Ача көрбө, кырсык башыңа түшпөсүн, – деп эскертет. Атасы өлөт. Анын айтканын Фархад аткарбайт – кызыгып сандыкты ачат. Андан күзгү таап алат. Аны карап, гүлдөгөн талааны көрөт. Ал талаадагы кыздарды да көрөт. Алардын арасында – өзгөчө сулуу, пери сыяктуу кызды да көрүп калат. Аны көргөн соң Фархад эсинен танып жыгылат. Аны досу Шапур көрүп, бетине суу чачып эсине келтирет.

А Фархад болсо кызды унутпай, түндөн да түнөрөт. Тамак ичпейт, куса болот. Шапур ага жардам берүүнү чечет. Экөө бул сулууну издеп жөнөшөт. Көптөгөн тоону ашышат, талаадан өтүшөт, шаарларда болушат. Күндөрдүн биринде тегерегин тоолор курчаган Беговат шаарына келишет.

Фархад досу экөө абдан таң калышат. Жай экенине карабастан, бактар саргарып кетиптир. Жалбырактары күбүлүп түшүп калган экен. Талаалар кургап турат. Арык кишилер кургап калган чоң арыктын жанында турушкан экен. Алар кетмендери менен тоону талкалоого аракет кылып жатышыптыр. Шапур алардан эмне болгонун сураса, алар үч жылдан бери шаарга суу алып келүүгө аракет кылып жатышканын айтышты. Сууну бууп



калган аска болсо ордунан жылбай, аракеттери талаага кетип жатыптыр.

– Досум Шапур, – деди Фархад, – бул жерде баары ысыктан жана суусагандан өлүп жатыптыр. Мен аларга жардам берем.

Колуна алган кетмени, бир чапканда эле талкаланып кетти. Жинденген Фархад болгон кетменкүрөктөрдү жыйнап келгиле дейт. От жагып, анын баарын ээритип, бир чоң кетмен куюп коёт. Аны жүз киши да көторө албай турган салмакта экен. Өзү болсо бир колу менен котөрүп, эки жолу чапканда – мурунку үч жыл казылган каналдан чоң арык пайда болот. Үчүнчү жолу чапса – тоо солкулдады. Аскалар урап түштү. Кубанган эл да досторго жардам берип жатышты.

Беговат шаарын башкарган Гулчахра-султан айым болгон, анын сүйүктүү жээни Ширин сулуу аттуу кыз бар эле. Ширин бийик мунарадан карап, бир чоң баатыр тоо талкалап жатканын көрөт. Ширин сулуу Сырдарыяны Кургак талаага бурган адамга турмушка чыгам деп убада берген эле. Эжеси Гулчахра менен Ширин бул баатырды карап көрүүнү чечишет. Иштеп жаткан Фархад султан айым сулуу кыз менен кантип келип калганын байкабайт. Аларды кароого бурулганда, шамал Шириндин жүзүнөн чүмбөтүн ачып кетет – бул Фархад издеген күзгүдөн көргөн пери эле. Кызды карап туруп, Фархад эч нерсе дебейт. Ширин да кайра кайтып баратканда, жүрөгү ооруп калганын сезет. Фархад болсо: «Шайы менен баркутта өскөн сулуу, мендей таш чапкан баатырды жактырмак беле?» – деп ойлонот. Арык казууга карабастан, тоого чыгып кетет.

Ал эми Гулчахра-султан айым анын урматына сый тамак даярдайт. Фархадды издеп таба алышпайт. Акыры таап алып келишип, төргө отургузушат. Ал Ширинди дагы бир жолу көрөөрүнө кубанат. Ширин чыкканда

ал жадырап-жайнап, экөө эч кимди карабай, тиктешип отура беришет.

Кокусунан Иран шахтыгынан элчи келип калат. Шириндин сулуулугу тууралуу кабар ал өлкөнүн падишахы – карыган таз Хосровго да жеткен болот. Ал бул сулууну колуна алууну каалап, жуучу жиберген экен.

Элчинин сөзү оюн-зоокту кайгыга алмаштырат:

– Эй, аял, менин мырзам, падышалардын падышасы Хосров, сенин мамлекетиңдин чегине көп сандаган согушчан аскерлери менен келип токтоду. Ал: «Ханзада Ширин меники болсун, андай болбосо – Беговаттын ташынын талканын чыгарам» – деди. Жооп бергин!

– Ханзада Ширин али жаш, коркок. Ал жаа тартканды, аттарды жана мергенчиликти жакшы көрөт, күйөөгө чыгууну ойлогон да жок – деген жооп айтат Гулчахра.

Хосров катуу каарданды, ал аскерлери менен султан айымдын шаарына жол тартты. Согуш башталды, керней тартылып, оттор жагылды. Шаардыктар шаарды коргоо үчүн дубалдарына чуркашты. Фархад да аларга жардамга барды. Ал тоого чыгып турду. Чоң кетмени менен эки асканы сындырып алып, аларды ыргытып, кайра тосуп ойноп турду. Душмандар андан коркуп, Хосровго чуркашты, баарын айтып беришти. Хосров чатырынан чыгып караса, чындап эле – чоң балбан тоодо турат.

Фархад ага айтат: – Мен таш ыргыткычмын, шах Хосров, кеткин, болбосо бул таштарды сенин жоокерлериңе карай ыргытамын. Хосров коркподу. Тандалма, алтын туулга кийген, алтын калканы бар кырк жоокерине Фархадды тирүү болсо тирүү, өлүү болсо сөөгүн алып келгиле деп жумшады. Алар тоого жулунду. Фархад бир асканы ыргытканда, алардан чаң да калган жок. Шах Хосров катуу жинденди. Дагы тандалган кырк

жоокерин алдыга салды, аларды да Фархад жок кылды. Ошондой митаам увазири Хосровго кулагына:

– Улуу шахка кайдагы бир таш кескич менен согушкан жарашпайт. Аны жеңсең – атак албайсың, жеңилип калсаң, Аллах ага жол бербейт, өмүр бою башыңа түн түшот, уят болосуң. Кылыч утпаган жерде, акыл менен утса болот. О шах, сен Ширинди алгың келет. Ал болсо элинин бактысын ойлойт. Тоодон арык салып, Жайык талаага суу алып келген кишиге турмушка чыгам деген убадасы бар дешет.

Хосров болсо увазирине ого бетер жинденди:

– Мен – улуу шахмын, жер казгыч эмесмин, топуракка көмүлгөн. Эмне, сен мени колуна кетмен алып, жер казсын деп турасыңбы? Эч качан.

Митаам күлгөн увазир ага акырын бир кеңеш айтты. Хосров Беговатка кайрадан элчи жөнөттү. Бул жолу алар жерге чейин ийилип учурашып:

– Биздин шах беговаттыктардын эрдигин сынап көрөйүн деди эле. Ал таңданганын жана урматын билдирет. Сүйүүгө мас Хосров сулууну кордук менен тартартып алгысы келбейт. Жок. Хосров анын Сырдарыяны талаага бурган кишиге жар болоорун уккан. Ушул чынбы?

Ширин: «Ооба» – деди. Элчилер жүгүнүп, чыгып кетишти. Шириндин жүрөгү болсо катуу булкуп, ооруп калды. Ал чабармандарды чогултуп, туш тарапка тарап, ар бир үй, боз үйдүн алдына токтоп:

– Эл-журт, бүгүн Сырдарыяны талаага бурган адам, Ширин ханзааданын жары болуп калат, – деп айтууну буйруду.

Муну уккан Фархад, кетменин колго алып, арыкка келди.

Шах сарайда Гулчахра Хосровдун урматына сый тамак уюштурду. Түн кирди. Тамак желип жаткан



бөлмөгө Хосровдун увазири жылып кирип, кулагына бир нерселерди шыбырады. Хосров ордунан туруп, Гулчахрага жүгүнүп:

– О, акылман Гулчахра, Ширин сулуунун каалоосу аткарылды. Суу талаага бурулду – деп айтты.

Бардыгы сыртка чуркашты. Ширин караса, алыста, суу бетинде ай калкылдап туруптур. Ушул күндү эл күткөн эле. Хосров дагы ийиле жүгүнүп, андан убадасын аткарууну суранды. Ширин ташка урунуп калууну каалап турду. «Фархад, кайдасың?» – деп ойлоду Ширин. Элин аяды, азыр секирип өлүп калса, Хосров кектейт. Ширин талаада суу эмес, увазирдин акылы боюнча, узатасынан салынган жалтырак кагаздарда ай чагылып жатканын билген жок.

Үйлөнүү үлпөтү башталды. Үстөл үстү тамактан ийилип турду: палоо, лагман, кебаб, бүтүн куурулган кой эти, шорпо, шарап, жаңгак, таттуулар – баары толуп-ташып турду. Ошентип Ширин Хосровдун ханышасы болуп калды.

Таң атты. Түнкү көз боемоочулук караңгы менен кошо жоголду. Ширин, эли менен кошо, суу келбегенин билди. Алдамчы Хосров желдеттеринин арасында каткырып гана күлүп турду. Ширин сулуунун көз жашы агылды.

Фархад болсо түнү тыным албай эмгектенди. Агым баш бербей жатты. Фархад сулуу Ширин, бакыт, сүйүү жөнүндө ырдап жатты. Мына эми – дарыя агымын токтотот! Фархад элден: «Ширин сулуу кайда? Келип менин эмгегимди көрсүн!» – деп суранды. Баштарын жерге салган элден сөз айткан эч ким болгон жок. Шапур да үндөбөдү. Шамал гана күңгүрөнүп:

– Фархад, Фархад, Ширин Хосровдун аялы болду. Ал аны алдап койду, Ширин аны сүйбойт! – деп жатты.

Фархаддын кулагына шамал: «Хосровду сүйөт» –

деп айткандай угулду. Фархад шамалдын сөзүн андан ары укпады. Акылынан ажырагандай шаарды көздөй чуркады. Дубал кырында көз жашына жуулуп Ширин турган эле. Фархад жакшы көргөн адамын көрүп, аны көздөй чуркады, бирок алардын ортосунда бууракандап Сырдарыя агып жатты. Ширинге колун созгон Фархад кайгыдан таштай болуп катып калды. Ширин Фархадга умтулуп, көз жашын төккөн бойдон, туптунук таза сууга айланды.

# АКЫЛДЫ ТҮНҮК ЗАРНИЯР

*Азербайжан жомогу*

Силерге ким жөнүндө айтып берсем экен? Мамед аттуу соодагер жөнүндө айтып берсем окшойт. Ал киши Мисирде жашаган экен, башка өлкөлөргө барып соодачылык кылчу. Бир жолу ал өтө алыс өлкөгө баруунү чечет. Укмуш дүр-дүйнөнү сатып алып, малайларды жалдап, үйбүлөсү менен кош айтышып, жолго чыгат. Бир жерге барат, экинчи жерге өтөт, акырында, эч ким билбеген бир шаарга туш болот. Бул жерде Мамед эс алууну чечип, кулдары менен кошо кербен-сарайга токтойт.

Мамед отуруп алып тамак-аш жеп-ичет. Бир маалда жанына бир киши келип, ага айтат:

– Эй, соодагер! Бул жерде отурганыңа караганда, алыстан келсең керек, биздин салтты билбесең.

– А салтыңар кандай эле? – деп сурайт Мамед.

– Алар мындай: бул шаарга келген ар бир соодагер, шахка татыктуу белегин алып барып бериши керек. Бул үчүн шах соодагерди кечинде өзүнө чакырып алып, нарды ойнойт, – дейт тиги.

Эмне кылуу керек? Кааласаң да, каалабасаң да барыш керек. Эң кымбат кездемеден тандап алып, аларды алтын табакка салдырып, шахка жөнөдү. Шах белектерди алды, соодагерге кайрылып: кайдан келатканын, кандай соода кылганын, кай жакка барганын сурады… Мамед ага баарын айтып берди. Шах болсо кечинде нарды ойноого чакырды. Кечинде шах Мамедге:
– Менин шартымды ук. Менин бир кара мышыгым бар. Кечтен тартып таңга чейин ал куйругуна коюлган жети шамчыракты кармап тура алат. Эгер биз ойноп бүткөнчө чыдап турса, сенин дүйнөңдүн баары меники болсун, сени болсо, колу-бутуңду байлап, зынданга ыргытам. Эгер мышык тура албай калса – менин бардык казынам



сеники болот, а мени болсо каалаганыңдай кыл! – дейт. Эми эмне кылыш керек? Качууга болбойт, талашканга да мүмкүн эмес. Ал макул болду. Отуруп алып, эмнеге бул шаарга келдим экен деп өзүн тилдеди.

Мышык келди, шахтын буйругу менен кулдары жети шамчырак алып келип, мышыктын куйругуна коЮп коюшту. Шах нардыны алып, оюн башталды. Соодагер нардынын таштарын жылдырып коет, көзү болсо мышыкта. Мышык болсо катып калгансып – бир жерден кыймылдабайт. Бир күн өттү, түн өттү, дагы эки күн, эки түн кетти. Мышык болсо, былк этпейт. Акырында, Мамед өзүн жеңилдим деп чечти. Шахка ушул эле керек. Ал Мамедди зындангa салды. Мамед жер астында отуруп, шахты жана анын окумуштуу мышыгын тилдеп отурду.

Аны мындай калтыралы, анын аялы Зарнияр жөнүндө кеп кылалы. Зарнияр күйөөсүн көпкө күттү, ал болсо келген жок. «Жамандык болгон жокпу?» – деп ойлонот Зарнияр. Бир күнү шалтактаган, кийимдери айрык-тытык бир малай келди, үйүнө:

– Эй, айым! Бир шах биздин кожоюнду, анын оокаттарын бүт кармап алды. Бир гана мен качып чыктым, араң кутулдум. Эми эмне кылабыз?

Зарнияр андан окуя кандай болгонун сурап билди. Баарын билгенден кийин, көп чычкан кармап, аларды чоң сандыкка толтурууга буйрук берди. Андан кийин жанына көп алтын-күмүш алып, эркек кийим кийинип, күйөөсүн куткарууга жөнөдү. Көпкө жол жүрдү. Акырында баягы шаарга жетти. Кулдарынын бир тобуна кербен-сарайда калууга буйрук берип, калганын алып шахка жөнөдү. Чоң алтын табака кымбат баалуу белек-бечкек салып алды. Малайлары чычкандар бар сандыкты көтөрүп алышты. Зарнияр аларга шах менен ойноп жаткан учурунда, бөлмөгө

эшиктин тешигинен улам бирден чычкан киргизип турууну буйруду.

Зарнияр шахтын алдына келип, болгон белегин сунуш кылды. Шах Зарниярды урмат-сый менен тосуп алып, укмуш даамдарды берип, андан кийин нарды ойноону сунуш кылды.

– Оюндун шарты кандай, бул дүйнөнүн ыйык ээси? – деп сурады Зарнияр.

Шах айтат: – Менин окумуштуу мышыгым ордунан жылганга чейин ойнойбуз!

– А эгерде ал ордунан жылып кетсе эмне болот? – деп сурайт Зарнияр.

– Анда мен утулган болом. Эмне кааласаң, ошону кыл! – дейт шах.

Зарнияр макулдугун берди. Шах окумуштуу мышыгын чакырды. Ал келип, шахтын маңдайына отурду. Малайлар болсо жети шам алып келип, анын куйругуна коюп коюшту.

Оюн да башталды. Шах ичинен күлүп, жаш соодагер качан өзүн утулдум деп чечер экен деп күттү. Зарниярдын малайлары болсо сандыкты ачып, бөлмөгө кичинекей чычканды кое беришти. Мышыктын көзү албырды. Ордунан жылайын дегенде, шах аны каардуу тиктеп токтотту. Мышык ордунан жылбай катып калды.

Кийинчерээк малайлар дагы бир нече чычканды кое беришти. Алар бөлмөнү кыдырып, дубалдарга чыга башташты. Мышык чыдабай кетти. Мыёлоп, ыргып туруп, шамчырактын баарын таштап, чычкандарды кууп жөнодү! Шах кыйкырса да, аны укпай койду.

Зарнияр малайларын чакырып алды. Шахты бекем байлап, кур менен сабашты. Шахтын кыйкырганын айтпа! Эл болсо угуп жатып, жардамга бирөө да келген



жок: анын каардуулугу менен ачкөздүгү баарын тажатып бүткөн.

Зарнияр зындандан күйөөсүн жана башка соодаргердин баарын чыгарууга буйрук берди. А шахты болсо зынданга салды. Ошондон кийин алар өз шаары Мисирге келип, ал жакта жашап, тынч тамак-аш жеп жатып калышты. Силер да жегиле, ичкиле, жашагыла! Асмандан үч алма түштү: бирөө – мага, экинчиси – жомокту айткан кишиге, үчүнчүсү – аны уккан кишиге!

# БАХТИЯР

*Азербайжан жомогу*

Качандыр бир заманда Бахтияр деген абышка жашаган экен. Абдан жакыр кедей болчу. Бир күнү таңдан туруп, аялына айтат:

– Кемпир, жол баштыгыма таруу нан менен быштак сал, мен жолго чыгам. Жакшы түш көрдүм, аны издеп барайын.

– Эй, абышка, – дейт аялы, – сен, балким, карыганда алжып калган чыгарсың. Кайдан көрдүң эле, түштү издеп барат дегенди?

– Ээ, кемпир, – деп жооп берет абышкасы, – Сенин акылың ага жетпейт. Айтканымды даярда.

Айла жок, кемпири ага жолго тамак даярдап берди. Абышка жолго чыкты. Кетип баратат, кетип баратат, канча күн жүргөнүн билбейт. Караса, талаада койчу чоң үйүр мал айдап жүрөт. Ити да бар, эшеги да бар экен, жүк ташый турган, ичи толтура оокатка керектүү нерселер толгон алачыгы да жанында экен.

Абышка ага келди, жүгүндү. Курсагын тойгузууну суранды. Койчу жеңин түрүнүп, бир нече койду саап жиберди. Бахтиярга бир мискей толтура сүт сунду. Бахтияр сүткө нан туурап, курсагын тойгузуп, жолго камынды. Койчу болсо, андан сурады дейт:

– Айтчы, мээрман киши, кай жактан келдиң. Кай жакка жол тартуудасың? Эгер, жолуң алыс болсо, мен сага быштак жасап, май уютуп берейин.

– Ээ, балам, – деди абышка, – мен тигил жактан келдим. Каякка бараарымды, өзүм да билбейм. Жакшы түш көрдүм эле, ошону издеп бара жатам.

Койчу таң калды. Ал эмне түш экенин уккусу келди. Бахтияр ага андай түштү унутканга эч мүмкүн эмес экенин айтты. Аны уксаң, жер кыдырып издегиң да келет деди. Анда койчу «ошол түшүңдү сат» – деп су-

ранды абышкадан. Абышка болсо түшүн айтып берип, анын ордуна үйүр малды, итти, эшекти, ага кошуп алачыкты да алды. Ага кошуп ысымдарын да алмашышты: койчу Бахтияр, ал эми Бахтияр болсо – Мелик-Мамед деп койчунун атын алып калды. Экөө эки жакка кетти. Жолдору жеңил болсун дейли, аларга! Биз Бахтиярды ээрчийли. Ал кетип баратты, эч шашкан жок. Акыры бир шаардын дубалына келип такалды. Кеч кирип баратканынан улам шаар капкасы жабык экен. Ачык талаа астында уктоого туура келди. Көмөрөсүнөн түшүп, катуу уктап калды. Түн ортосунда аны бирөө чакырып жатканын укту:

– Бахтияр! Бахтияр! Ойгон!

Караса, шаар дубалында бирөө турат, ал шыбырап:

– Бахтияр! Эмне турасың? Таң атканы калды! Куржунду ал, батыраак. Азыр мен чыгам.


Бахтияр абдан таң калды. Бирок, башканын ысмын алсаң, анын турмушун да ал деп ойлоду. Куржунду алып, күтүп турду. Бир мезгилде шаар дарбазасы ачылып, көзүнө чейин чүмкөнүп алган бирөө, эки ат алып чыкты.

Ойлонууга чолоо бербестен, тигил атка мин деп буйруду. Таң атканга чейин алар кете беришти, аттарын катуу чаап. Качан таң атканда караса, Бахтиярдын жанында сулуу кыз кетип баратат. Ал сулуу кыз Бахтиярды көрүп, абдан таң калды.

– Жигит, сен кимсиң, атың ким?

– Ханум, – деди Бахтияр, – сен менин ким экенимди унутуп калдыңбы?

– Демек, атың Бахтияр экен да? Мен сени чакырган эмесмин. Билип ал, жигит, анан эсиңде болсун, мен – ушул өлкөнүн падышасынын кызымын, атым Зарнияр-ханум. Менин атамдын кеңешчисинин Бахтияр деген уулу бар. Биз бири-бирибизди жакшы көрөбүз. Атам



болсо мени увазирдин уулуна бергени жатат. Анан биз Бахтияр экөөбүз качууну чечкен элек. Бирок, балким, ал коркуп келбесе керек, же бир нерсе болгон го. Мен аны күтүп турган жерге сени тагдыр айдап келсе керек. Менин тагдырым ушул экен го… Эми атамдын олкөсүнөн чыгып кеткенге чейин, бир да мүнөттү коротпойлу!...

Алар башка өлкөнүн борборуна жетишкенде, күн тоолорго жашынып, батып кеткен эле. Куржунда бар алтынга бакчасы, гүл багы жана фонтаны бар там сатып алышты. Бахтияр кымбат кийимдерге кийинип, сулуу болуп калды. Казы аларды үйлөнттү. Алар жаңы тамда, жакшы турмушта жашап калышты. Бахтияр сатып алган түш аткарыла электе эле, ал бактылуу болуп, түшүндогүдөй бай жашоого малынды.

Бакыт деген куш эмес да: азыр бул жерде, сени менен, айланып караганча эле – жок болуп кетет. Бахтияр менен да ушундай болду. Ал сакал-мурутун жөн чачтарачка эмес, падышанын чачтарачына алдыргысы келди. Чачтарач келди. Катачылык кетирип, башка эшикти ачып алып, сулуу Зарниярханумду көрүп калды. Эптеп Бахтиярдын чачын алып, падышага чуркады.

– Падыша, – деп кыйкырды, ал сарайды жаңыртып, – тагың кулап түшкүр десе! Көзүң кайда сенин! Эмне отурасың бул жерде?

Анан четөлкөлүктүн сулуу аялы жөнүндө айта баштады. Аны мактай берип, көрбөгөн падышаны да сүйдүрүп таштады. Падыша увазирин чакырып, андан кеңеш сурады.

– Улуу падышам! Жөн эле аялын тартып алганга болбойт. Элиң эмне дейт? Сен акыйкат падышасың да. Алгач Бахтиярдан кутулуу керек. Жөн эле, себеби жок, аны өлтүрүүгө болбойт – эл таарынат. Сен боорукер падышасың да. Ошондуктан менин кеңешим: Бахтиярды бейиштен алма алып кел деп жумша. Кайдан тапмак

эле? Эч кайдан. Анын башын алып сал. Ошондо аялын ала аласың.

Падыша анын айтканын кылды. Оорумуш болуп калды. Бахтиярды бейиш алмасынан алып кел деди. Бахтияр андай жерди билбейм десе, падыша каарданып:

– Көп эле сүйлөй бербе! Кырк күн берем. Алып келбесең – башыңды кесе чабам, – деп кыйкырды.

Үйүнө келген кайгылуу Бахтияр кырсык болгонун Зарнияр-ханумга айтты. Аялы жардам берерин билдирди. Өз шакегин берди. Түштүккө түптүз үч күн, үч түн жол жүрөсүң деди, акыры дөөлөр өлкөсүнө келесиң деди. Шакекти ага кол салууга камданган дөөлөргө көрсөт деп буйруду. Бул шакек жөн шакек эмес эле, анда дөөлөр падышасынын мөөрү басылган экен!

Бахтияр дөөлөрдүн мекенине жеткенде, алар аны өлтүрүп сала жаздашты. Араң дегенде, чөнтөгүнөн шакекти алып чыгып көрсөттү.

Дөөлөр ага бейиш алмасын алууга жардам беришти. Кайра жолуккан жерине жеткирип коюшту. Ал үч күн, үч түн үйүнө жол жүрдү. Үйүнө кирбестен, түз эле падышага барды. Алманы көргөн падыша, көзүнө ишене албай турду. «Ырахмат, мени өлүмдөн алып калдың» – деп айтканы менен өзү: «Мына десең, кырсыкты! Кантип мындан кутулам?» – деп ойлоп жатты. Бахтиярга сыйлык берип, үйүнө кетирди. Падыша увазирин чакырды. Кандай кылабыз деп бир саат ойлонушту, эки саат ойлонушту – бир маалда увазири өзүн маңдайга уруп:

– Таптым! – деди, – Бахтиярга тиги дүйнөгө барып, ата-энеңди билип кел дегин. Ал жакка баргандан эч ким кайткан эмес.

Бул кеңеш падышага абдан жакты. Таңды араң күтүп, таң эрте Бахтиярды чакыртты:

– Бахтияр, досум, жардамың керек болуп жатат.



Ата-энем өлгөнү көрө элекмин. Сагындым. Тиги дүйнөгө барып келчи, кандай жашап жатышты экен! Салам дагы айта бар.

– Падыша, – деп айтты Бахтияр, – колдон келбей турган нерсени сурап жатасың!

– Уккум да келбейт, – деп жооп берет падыша, – эгер ал жакка жолду таппасаң, менин башкесерим сага жардам берет.

Бул жолу да Зарнияр-ханум күйөөсүнө жардам берди. Падышага аянтка көп отун камдап, аларды май куюп кармап турууну өтүнүп киши жиберди. Өзү көгүчкөн болуп, Бахтиярды чырпык кылып, от күйүп, түтүн каптаганда алып чыгууга камынды. Анан падышадан да биротоло кутулууга даярданды.

Бахтияр болсо, абдан кубанды. Падышага барып, отту катуу жагууну суранды. Падыша жүз араба отун камдатты. Падышанын малайлары отунду добо кылып үйүштү. Ага чыккан Бахтияр төмөн карап:

– Эй, болгула, бат жаккыла! Мен тигил жакка барып келейин! – деп кыйкырды.

Падышанын жанында увазири менен чачтарачы туруп алып, отко май куюп жатышты. Алар да атаэнесин көрө кел деп суранышты. Баары Зарниярханум айткандай болду. Калган отуз тогуз күндү экөө жыргап-куунап өткөрүп жатышты. Кыркынчы күнү

Зарнияр-ханум кагаз алып, ага мындай деп жазды: «Бетиң күйсүн, биздин бала! Бахтиярды көрүп кел деп жөнөтүп, өзүң эринип келбей койдуң. Атасын унуткан бала жакшылык көрбөйт. Келип кет, сени көрүп кубаналы». Алдына болсо падышанын жети ат асынын атын толук жазды. Увазир менен чачтарачка да ушундай каттарды даярдады. Каттарды баштыкка салып, Бахтиярды аянтка алып келди, таң эрте. Аны оттун күлүнө көмүп койду. Таң эрте аянтка эл жыйналды. Күлдү

каза баштаганда, бир жери кыймылдап, Бахтияр секирип чыкты. Бети-башы бүт бозала, колдору күл, кийими да күл. Оозун тазалап түкүрүнүп, күбүнүп, падышага жүгүнүп, катты берди. Берки экөөнө да кат тапшырды. Баары катты окуп, абдан кызарып уялышты. Бирин-бири карай албайт.

Акыры, өздөрү барып келүүнү чечишти. Ошол эле жерге беш жүз араба отун түшүртүштү. Падыша, увазир, чачт арач үй-бүлөлөрү менен үстүнө чыгышып, төрт тарабын тең күйгүздүрүштү. Укмуш жалын көтөрүлүп, кишилерди тигил дүйнөгө алып кетти.

А эл болсо Бахтиярды падыша шайлашты. Ал жакшы жана акыйкат хан болуп чыкты. Колунда баары бар, аялы сулуу. А түшү болсо аткарыла элек. Аны кайдан издеп, кантип табаарын да билбейт. Бир күнү Бахтияр үйүнө келип, Зарнияр-ханум катуу уктап жатканын көрөт. Аны ойготпостон, өз чапанына оронуп, жерге жатып алды. Түн ортосунда Зарниярханум ойгонуп караса, күйөөсү көйчү кезиндегидей, жерде уктап жатат. Жанына отуруп, аны карап калды. Бир убакта Бахтияр ойгөнуп, көзүн кайра жумду, өтө жарык карагансып. Анан каткыра башт ады! Абышканын түшү аткарылды деп, анан гана түштү айта баштады. Анда түн ортосунда күн чыгып, анын башына гана жарык нур чачып турган экен. Зарниярханум Бахтияр үчүн күн тура.

Мына эми бүттү. Бахтияр сатып алган түшүн тапты эле – жомок дароо аяктады.

Асмандан үч алма кулады: бирөө – мага, экинчиси – сага, үчүнчүсү – жомокту айткан кишиге тура.





# АЧКӨЗ КАЗЫ

*Тажик жомогу*

Болуптур, болгон эмес экен – бир кедей жашаган экен. Канчалык тырмышып иштесе да, кедейликтен арыла албаптыр. Акча табайын деп алыс шаарга камынат. Туугандары менен коштошуп, жолго чыгат. Жакынбы, алыспы, бат жеттиби же жокпу – акыры келет. Үйлордү кыдырып, жумуш издейт. Эч жумуштан баш тартпайт, «бул оор мен үчүн, татаал» деп да айтпайт. Кайсы жумушту айтышса, баарын жакшы жасайт. Акчаны болсо, тамакка гана жумшайт. Калганын баштыкка салып, катат: «Эми кичине иштесем, көбүрөөк акча чогултсам, туугандарыма кайтам». Ошентип бир нече жыл иштеди, оор эмгеги менен миң теңге чогултту. Ал эми кедей үчүн бул кандай көп!

Анан ойлоно баштады, тынчы кетти: «Кырсык болуп, акчам жоголуп кетпесин! Уурдап, өлтүрүп коюшу да ыктымал. Жашаган жериме катсам, жоголуп кетсечи. Бирөө көрүп калса – аз дейсиңби ою жамандар! – акчамдан айрылам. Үйбүлөмө куру кол кантип барам анда…»

Акыры чечти: «Бул миң теңгени казыга сактатып коёюн. Ал абдан чынчыл деп айтышат эмеспи. Акчам анда сакталып турат! Мекениме кетээрде алып кетем».

Ошол ою менен казыга келди. Казы аны кабыл алып, сурады:

– Сага эмне керек?

– Сага, урматтуу төром, сактоого өз акчамды берейин дедим эле. Мындан жакшы жер таппайм го.

Акчамды сакта, мен бул шаарда иштеп турайын.

Казы кедейдин баштыгын алып, ага айтты:

– Ырахаттануу менен сенин каалоонду аткарамын! Туура айтасың: мындан жакшы жер таппайсың, акчаң сак турат менде.

Кедей кетти, казы тыйындарды санап, аларды чоң сандыкка салды. Убакыт өттү. Анан кедей мекенине кайтууну чечти. Казыга келип:

– Торөм, менин акчамды кайтарып бер. Эртең мен силердин шаардан кетейин деп чечтим. – деди.

Казы кедейге карап:

– Кайсы акча тууралуу айтып жатасың? – деди.

– Сага сактап тур деп калтырган миң теңгени айтып жатам.

– Карасаң, акылыңан ажырап калгансың го! – деп кыйкырды казы. – Качан бердиң эле? Сенин жети атаң да андай акчаны көргөн эмес! Анан кайдан жүрүп сенде миң теңге болсун?

Кедей канчалык ага болгон окуяны айтууга аракет кылса да, казы аны уккусу келген жок. Малайларын чакырып, аларга кыйкырды:

– Алдамчыны сабагыла! Кубалап чыккыла! Казынын жан-жокөрлөрү кедейге жулунуп, катуу сабап, кубалап чыгышты. Кедей көз жашы төгүлүп көчөдө баратты.


– Менин оор жумуш кылганым талаага кетти!

Акчам жоголду! Ачкөз казы аларды бербей койду!... Бул учурда көчөдө бир аял кетип бараткан экен. Кедейди угуп, аны уяткарды:

– Эй, иним, сага эмне болду? Чоң эле киши, сакалчан, чалма оронгон, анан кичине баладай мөңгүрөйсүң да?

Кедей болсо кайгырып:

– О, эжеке, мени эмне кылып алдап койгонун билсең! Мен ушунча жыл оор жумушта иштедим, тоё тамак жеген жокмун, уйкум кана уктаган жокмун, миң теңге чогулттум, анан аны алып койду. Тиги аял эмне болгонун бүт сурап билди. Анын айтканын угуп, бир нерсе ойлоп табамын деди. Анын үйүнө келишти. Аял кутуча алып чыгып, өзүнүн кичине баласына айтты:



– Азыр мен бул киши менен казыга барам. Сен бизди ээрчи, бирок жакын келбе. Казы бул кишиге акчасын бергенче күт. Анан чуркап келип, айт: «Атам төөлөрү менен жүкторүн алып келип калды!» – дегин. Бала макул болду. Казынын үйүнүн алдынан тиги аял кедейге:

– Мен биринчи кирейин, сен артымдан кир, – деди.

Казы чоң кутуну көргөндө, көзү жайнап аялды урматтап кел деп чакырды. Аял айтат:

– Төрөм, балким мени тааныйсың? Мен бай соодагер Рахимдин аялымын. Күйөөм кербен тартып, алыска кетти, качан келээри белгисиз. Мен бир нече түндөн бери тынч уктай албай жатам. Үйдү тегеректеп ууру-лар жүрөт. Уурдап кетели дешсе керек. Мен баарын бул кутучага чогулттум. Оордугунан араң көтөрүп келдим. Боорукер болуп, аны сактоого ала аласыңбы! Казы кутуну көтөрүп көрүп, оордугуна ишенди. Ачкөздүктөн колу калтырап:

– Макул, макул, карындашым! Байлыгыңды сактап турайын, ишенип кой. Мен баарын чып-чыргасын коротпой кайтарып берем, – деди.

Аял болсо казынын колунан кутуну алып, андан сурады:

– Чын эле баарын толугу менен кайтарып бере аласыңбы?

Дал ушул убакта казынын үйүнө кедей кирип келди. Кубанган казы, ичинен ойлонду: «Кудай айдап келген тура бул кишини! Бул аялга чынчылдыгымды көрсөтүп коёюн. Миң теңгесин берип, анын ордуна алтын-күмүш салынган кутуну алайын. Ал кымбат турат да андан!»

Казы калп эле кедейди жаңы көргөн болуп:

– Бул киши мага сактап тур деп чогулткан акчасын берген. Жана келди окшойт, мен жаңылып тааныбай калган турбаймынбы, аны алдамчы экен деп. Эгер ал

аны тааныган бирөөнү алып келсе, дароо акчасын берем! – деди.

Аял бөлсо, бул киши бизде да иштеген, акчаны кантип тапканын мен да билем деп жооп берди. Казы куу жылмайып:


– Эй, тууганым, бери келип, акчаңды ал! Бол батыраак! – деди.

Анан колун созуп, кутуну алайын дегенде, тыштан бир бала чуркап келип, аялга айтат:

– Энеке, батыраак үйгө чурка: атам төөлөрүн алып, жүк жүктөп келип калды, күтүп атат!

– Эми күйөөм келген болсо, ууруулардан коркпой эле койсо болот! – деп күлдү аял. Ушуну айтып, кутуну алып казынын үйүнөн чыгып кетти. – О, иним, эч качан чогүп калба! Канчалык куу болсо да, аны кайра алдап койчулар боло турганын билип кой! Мекениңе кайт. Көп жылдык кызматыңан кийин эс ал, тапкан акчаңдын пайдасын көр!

Алар коштошушту. Казы болсо, сакалын бирден жулуп, жер тепкилеп жатты: «Мына кырсык! Мына кайгы! Мына бактысыздык! Каргыш тийген соодагер Рахим! Бир саат кеч келсе эмне. Бир эле саат! Байып жатып калмакмын да дароо! Сандыгым толмок! Мына десең, кайгы!»



# МИРАЛИ КАНТИП ПАДЫШАНЫ УТТУ

*Түркмөн жомогу*

Султан-Союн падыша Мирали менен сүйлөшкөндү жактырчу. Падышанын акылдуу увазири кайсы бир суроого жооп бере албай калса, падыша Миралини чакырчу. Бул жолу да ошондой болду.

Султан-Союн килем төшөлгөн өз ордунда жатыптыр. Жылуу чапаны бар экен үстүндө. Бөлмөнү болсо очоктогу от жылытып жатыптыр.

– Эмнени ойлонуп жатканымды билесиңби, Мирали? – деп сурады падыша.

– Улуу урматтуу падышы эмнени ойлонуп жатканын мен кайдан билейин? – деп жооп берет Мирали.

– Мен айтам, эмнени ойлоп жатканымды, – дейт падыша. – Мына азыр, кыш ортосунда, тоо чокусуна түн өткөрүп кел деп киши жиберсе, анын оту жок болсо – ал созсүз тоңуп калат да, артка кайрылбайт эмеспи ээ? Туура айтып атамбы?

– Кайрымдуу падыша мени кечирип койсун, дейт Мирали, – бирок мен, падыша жаңылып жатат деп ойлойм. Тоодо оту жок деле түнөп, тоңбой калса болот.

– Мына сен барып көр, олбөй калсаң, алтынга көмөм, бир кап эмес, тоо кылып үйөм. Ал добонүн чокусу сенин боюңдай болот – дейт падыша.

– Макулмун, – деди Мирали.

– Тоңуп калсаң – күнөө өзүңдө, өлүп да каласың, алтының да жок болот.

– Ага да макулмун, – дейт Мирали.

Мирали коңшуларынан кырк жууркан топтоп алып, тоого чыгат. Эң бийик чокусуна жетет. Ал жерде карга отуз тогуз жууркканды төшөп, кыркынчысын жамынып жатып алат. Жыпжылуу уктагандыктан, түн ичинде бир

да жолу ойгонбойт! Таң эрте жерге түшүп, хан сарайга келип, падышага айтат:

– Мен алтынымды алганы келдим, улуу падышам! Падыша алтынынан ажырагысы келбейт:

– А түндө от жаккан жоксуңбу, мойнуңа алчы? – дейт падыша. – Эмнегедир оту жок жаттым дегениңе ишене албай турам!

– Малайларыңды жөнөт, боорукер падышам, алар сага мен түнөгөн жерде оттун изи калыптырбы, айтып келишет.

– А балким, жакын жерде кимдир-бирөө от жаккандыр? Кана, чын айтып жатамбы?

– Таптың, улуу падышам, – дейт Мирали. – Тоодо, капчыгайдын тиги башынан от көрдүм эле. Балким, койчулар от жаккандыр.

– Мына-мына, – кубанып кетти падыша, – ошол от сени тоңдурбай жылытып турган турбайбы, болбосо өлүп калат элең. Баргының, экинчи мени менен талашпа!

Көп убакыт өтөт, Султан-Союн кайрадан Миралини чакырып келүүгө чабарман жөнөтөт.

– Падышага айта бар, – дейт Мирали, – мен бир чыны чай ичип алып барам. Мен отко кумура коюп койдум, суу кайнасын.

Падыша бир саат күттү, эки саат оттү. Чабарманды дагы жиберди Миралиге.

– Досум, кумурадагы суу кайнабай жатат, – дейт Мирали. – Кичине кайнаса, мен дароо келем, мени улуу урматтуу падыша кечирип койсун!

Султан-Союн кечке дейре күттү, Мирали болсо келген жок. Падышанын жини кайнап, өзү жөнөдү. А Мирали болсо, тыптынч короосунда отурат, отко жылынып жатат.

– Эмне эч нерсе болбогондой болуп отурасың бул



жерде, сени падыша өзү чакырды го? – дейт Султан-Союн.

– Кумурадагы суу кайнабай жатат, менин падышам, – дейт Мирали. – Ошон үчүн оттон кете албай жатам. го …

– Кумураң кана? Мен аны оттон көргөн жокмун

– Тигине, турат, сарайдын жанында.

– Эмне шылдың кылгың келеби, Мирали? Же акылыңдан айнып калдыңбы? Кумура сарай жанында турса, кантип кайнамак эле?

– Эмнеге болбойт, менин падышам? – дейт Мирали. – Мен деле тоодон капчыгайдын тигил башында он аркан нары жактан жагылган оттон жылынып отургам да. Ал эми кумура оттон болгону он кадам жерде турат. Эмнеге суу кайнабасын? – деген экен.

# МУСА ПАЙГАМБАР ЖАНА СУУ ТАШЫГЫЧ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

*Перс жомогу*

Муса пайгамбардын тушунда бир адам жашаган экен. Ал болгону суу ташыганды билчү экен. Чакасын алып, көчөгө чыгып кыйкырчу:

– Эй! Кимге суу керек? Бир күнү ал Мусага келет:

– О Муса, мен деле, соодагерлер башы деле Аллахтын кулдарыбыз го. Анан эмнеге ал бай, бийлиги бар, байлыгына сан жетпейт, ал эми менде демге алмашып алганга онтоо да жок! – деп сурайт.

Ага Муса пайгамбар:

– О, адам, дүйнө жаралган биринчи күнү дүйнө ээси ар кимдин маңдайына тагдырын жазган, аны өзгөрткөнгө болбойт. Сенин үлүшүң – суу ташуу, ал эми соодаргерлер башына байлык берилген да, – деп жооп берет.

Күн өтот. Кийинки күнү Муса озү кудай менен аңгемелеше турган Тур тоосунун башына чыгууга камданат. Суу ташыгыч анын жолун бууп:

– О Муса! Тур тоосуна чыкканыңда, менден салам айтып, сурай келчи: «О Аллах! Сенин маңдайга жазганыңды кичине өзгортүп коюуга болобу? Качанга чейин кедей болом?» – деп кайрылат. Муса ага:

– О адам! Аллах ыйгарган акыркы күнгө чейин өзгөрбөйт! – дейт.

Бирок байкуш анын өтүнүчүн аткарууну абдан суранат.

Пайгамбар Муса Тур тоосунун башына чыгат. Көпкө сыйынат, артка кайтканында, үн угат:

– О Муса! Эмнеге менин кулумдун өтүнүчүн сурабайсың?

– Кудайым! Аны сен жакшыраак билесиң да! Анда үн:



– О Муса! Баргын да, кулга айткын, биз анын маңдайына жазганды оңдоп койдук.

Суу ташыгыч кубанганынан башкача болуп калды. Кудайга ыраазычылык билдирип, күндөгүдөй эле, чакасын алып, эмгектенүүгө жөнөдү. Эми, андан ары уккунуң. Кийинки күнү суу ташыгыч чакасын алып, шаарга барууга камданды. Соодагерлер башынын үйүнө карап токтоп калды – ал кызын увазирдин баласына күйөөгө берүүгө даярданып жаткан экен. Соодагердин малайлары бассейндерге суу толтур деп буйрушту. Ал жарым күн суу ташыды. Чак түштө соодагердин аялы келди. Аны аяп, күйөөсүнө:

– Ардактуу күйөөм! Бүгүн бизде майрам гө. Муну да түштөнүүгө калтыралычы. Андан тамак азайбайт, – дейт.

– Койчу, аялым! – деп жооп берет күйөөсү. – Ушундай жыртык-жылаңач киши кантип биздин үйдө конок болсун?

– Асман түшүп кетпейт го, эгерде сен ага кийим берип койсоң! – дейт ага аялы.

Суу ташыгычка кымбат баалуу кийим, чалма беришти. Ал кийинип, тамак-аш жегени дасторконго отурду. Турмуш куруу келишимине кол коюу аземинде падыша, увазирлер, эмирлер жана шахзадалар да катышып отурушкан. Бир маалда падыша соодагерге кайрылып, суу ташыгычты көрсөтүп, сурайт:

– А бул ким?

Соодагер башы эмне кыларын билбейт. Бир аздан кийин, жооп таап:

– Бул менин агамдын баласы. Ахваздан, Ирандагы шаардан мени менен учурашам деп келиптир, – дейт.

Шах ага айтат:

– Таң калыштуу! Сенин сулуу, мүчөсү келишкен тууганың бар экен. Сен болсо кызыңды увазирдин бала-

сына берип жатасың. Мындай болбойт! Кел сенин кызың тууганыңдын баласына барсын. А увазирдин уулуна мен кызымды беремин.

Эмне кылыш керек? Чечим айтылды, андан кутула албайсың. Суу ташыгычка соодагер башынын кызын алып беришти. Коноктор тарады, соодагер болсо аялына келип:

– Көрдүңбү, эмне болду! – дейт.

– Суу ташыгыч кедей,– дейт аялы.– Ага жүз туман беребиз, ал кубанганынан кетип калат. Ажырашканына акча төлөйбүз.

Суу ташыгыч макул болбойт. Соодаргердин айласы кетет. Суу ташыгычты калтырып чыгып кетишет. Ал дароо колун асманга көтөрүп, бурчтагы килемди жыйнап таштап, жерге оонай баштайт. Бир нерселерди айтат, шыбырап. Аны соодаргер менен аялы угат:

– Оо, Кудай, чын эле оңдоптур, жакшы оңдоптур!

Соодагердин аялы аны жинди экен деп ойлойт. Эшикти ачып, бөлмөгө киришет. Суу ташыгыч аларды байкабайт. Аны колдон алып, сурашат:

– О адам! Кудай алдында сурайбыз, ал мени суу ташыгычтан биздин күйөө балага айлантты, жоругуңду түшүндүрчү. Бул эмне?

Суу ташыгыч кийинип, баарын айтып берет. Соодагер жана анын аялы бул Аллахтын ою экенин билишет. Акыры тагдырга моюн сунуп, кудайга ыраазычылык билдиришет. Кызын сооротушат:

– Аллах сага бактылуу үлүш бериптир. Сени кудай жуучу болуп, күйөөгө алып берди,– дешет.

Соодагер эмгекчил суу ташыгычты баласындай жакшы көрөт. Анан баары жакшы жашап калышат.

# МАЗМУНУ

***Чыгыш мусульман элдеринин жомоктору***

Арамза Хаббе жөнүндө насыят аңгеме (Араб жомогу) . . . . . 3
Акылдуу дарыгкр жөнүндө насыят аңгеме (Араб жомогу) . . 6
Бедуиндин көрөгөчтүгү (Араб жомогу). . . . . . . . . . . . . . . . 9
Өжөр (Иран жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Баатыр Али (Күрд жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Үч жакшы иш (Күрд жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Жалкоо (Перс жомогу). . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Сулуу суу ташыгыч (Түрк жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Акылсыз шах (Өзбек жомогу). . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 52
Тапкыч Апенди (Өзбек жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60
Бечара Ахмет жана хандын акыйкатсыз кеңешчилери (Казак жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65
Белекке арналган коондор (Түркмөн жомогу) . . . . . . . . . . . 68
Падишах кантип килем токугуч, ал эми койчунун кызы – падишахтын аялы болуп калды (Тажик жомогу) . . 75
Ауэз-хандын кырк уулу (Казак жомогу). . . . . . . . . . . . . . . . 82
Фархад жана ширин (Өзбек жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . 89
Акылы тунук зарнияр (Азербайжан жомогу) . . . . . . . . . . . . 97
Бахтияр (Азербайжан жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 103
Ачкөз казы (Тажик жомогу) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .113
Мирали кантип падышаны утту (Түркмөн жомогу) . . . . . .119
Муса пайгамбар жана суу ташыгыч жөнүндө жомок (Перс жомогу). . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 123

# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОР

Чыгыш мусульман элдеринин жомоктору

245с

Басманын директору *Б. Джапарова*
Сүрөтчүсү *А. Жоробаева, Б. Жайчыбеков*
Көркөм редактору *Ю. Ким*
Компьютердик калыптоочу *А. Арыкбаев*

Басууга 03.08.2017. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 1/16
Түстүү ыкма. Көлөмү 7,0 накта басма табак. Нускасы 500 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.com
Тел.: + 996 (312) 534 863, 530 974